**Сабыралы АБДУКАРИМОВ**

# ЖҮРӨКТӨГҮ ЭЛЕСТЕР

Повесть
Ангеме
Драма

Ош -2012

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 14

Рецензиялаган: Филология илимдеринин кандидаты, доцент
Курсан Пахыров.

Жазуучу-акын Сабыралы Абдукаримовдун бул жаңы жыйнагына, прозалык жана драмалык чыгармалары киргизилди. Жазуучу учурдагы жаштардын үй-бүлөлүк маселесине өзгөчө көңүл буруу менен, аларды келечек жашоого сергек мамиле кылууга чакырат. Адамдагы ыйман маселеси башкы орунда экендигин даңазалайт. Жазуучунун буга чейин жарык көргөн «Желедеги көз жаш» чыгармасы да окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган. Китеп жалпы окурмандарга арналган.

А 14 Абдукаримов.С.
Жүрөктөгү элестер: Повест, аңгеме, драма-Ош: 2012 76-б.

ISBN 978-9967-26-766-4

А 4702300600-12 УДК 821.51

ББК 84 Ки 7-4
ISBN 978-9967-26-766-4
© Абдукаримов.С.

# ЖҮРӨКТӨГҮ ЭЛЕСТЕР

## Повесть

Кеч күздүн аягында туулган айылыма келдим. Айлана сары түскө боелуп, күрөң тарткан жалбырактар жолго төшөлүп, жаңы эле жаап өткөн өткүндөн улам, ылай бутка илешет. Жамгырдан кийинки ылай ого бетер батташып, шилтенген кадамым арыбай, үйгө тээ түн ортосунда жетип, эшикти ачып үйгө киргенимде, саксайган кара тору кыз менен иним Бекмурат кире бериштеги чакан үйдө уктап жатышыптыр. Кыязы жаткандарына кыйла болгондой. Үстүндөгү жамынган жер төшөгү сыйрылып түшүп, үшүгөнүнөн бүрүшүп алышыптыр.

Ийнимдеги жүктү жерге коюп, акырын Бекмуратты ойготтум.

-Беки, тур мен келдим. Ал көзүн ачып, мени бир тиктеди да, кайра жатып алды. Жатып эле кайра турду.

-Аке, качан келдиңиз? Мойнума асылып, өөп-өөп алды сагынган экен.

-Азыр эле, үйдөгүлөр кайда? - дедим. Иним:

-Апамдар тиги Эркайым эне өлгөн экен ошол жакка кетишти. Салкын экөөбүз калдык. Анын

апалары да ошол жакта.

-Кайсыл Эркайым эне?

-Тумшуктагычы.

-Апамдар качан кетишти?

-Жана эле, эртең келебиз дешкен.

Кошунанын кызына төшөк салып жаткырдык. Бекмурат мени менен кыйла олтуруп анан уктады.

-Адам болуп калыптыр - дедим ичимден. Айылдагы анча-мынча жаңылыктарды билишинче божурап берди, чай ичүү ортосунда. Ичимден сүйүнүп койдум.

Сыртка чыгып, кой короо тарапка бастым. Баары тынч. Асман ачык. Жарым тилик коондой болуп көктө ай илинип турат. Бастырманын алдындагы атамдын карагер аты катуу чөптү карсылдата чайнап жатканы болбосо, кыбыр эткен жан жоктой айлана жымжырт. Карагер менин баскан добушумдан улам кошкуруп койду.

Жол бою талыкшып, -жетсем эле жатайын - деген оюм жоголуп, уйкум качты. Үйгө кирип диванга жата кеттим. Чар жайыт ойлорго чалынып жатып, Эркайым энени эстедим.

Акыркы жолу качан көрүштүк эле? Эстедим, өткөн жайда жолукканбыз. Анда күн ысып, эл салкынга качып калган убак болчу. Мөмө-жемиш бышып, жер көктөмгө толгон кез эле. Эс алууга келген учурум болгондуктан, айыл аралап, убакыт да кеңири үчүнбү, Эркайым энеге учурашканы баргам. Эркайым эне сүйүнүп болбой калган. Жалгыз турчу. Бир уул, бир кызы бар деп укканыбыз менен, аларды көргөн эмеспиз. Айылдагы жалгыз жашаган жалгыз гана Эркайым эне болгондуктан, өткөн-кеткенде чай-чака таштап өтөр элек. Жашы да бир топко барып калгандыктанбы, ар убак ак саамайы жоолугунун бир бурчунан чыгып, сары түсүнөн каары чачылып тургандай сезилчү. Анча-мынча жаш балдарды «Эркайым энеге» айтам деп да коркутуп калчу, жарыктык айылдаштар. Бирок, ошого карабай анын үйүнө ким барса да, алкап калчу. Бул ирет да жакшы сөзүн аябай, кыйла сүйлөшүп олтурдук. Бир кезде:

-Баткенде иштейт деп уктум эле, чынбы? - деди.

-Ооба, эне Кызыл-Кыядамын - дедим.

-А…- деп барып, унчукпай тунжурап калды. Кыйладан кийин үшкүрүнүп койду.

-Ким бирөөңүз барбы?

Эркайым эненин көзүнүн кычыгында төгүлөөр-төгүлбөс жаштын каканактап турганын байкай калып, сөзүмдү ала качтым.

-Шаардык гезитте иштейм. Андан башка сөз таба албадым.

Колун болор-болбос кыбыратып, шыңга боюн түзөп, кыска чачын салаасы менен өйдө сылап, бир байлам гүлдү жоолугуна киргизди да;

-Мынчалык болуп калды, сага өткөн күнүмдөн айтып берейин деп, ушул баянды айтып берген эле.

## ТАГДЫР ЭЛЕГИ

…Түн ортосу. Шаңкайган ачык асмандагы көгүлтүр түстүн үстүнө төгүлгөн шурудай болуп, жайнаган жылдыздар андан-мындан көз кысып, деги эле эч нерседен бейкапар. Бөксө адырдан айылдын жарыгы алыстан жымыңдап көрүнгөн менен, андагы жашаган адамдардын кобуру угулбайт. Анда-санда гана арсылдап үргөн иттердин добушу угула калбаса, түн ичи коюу тынчтыкта уюп турган убак.

Мына ушул мемиреген бейпилдикти Мирбек бузду.

-Эркайым, эгер макул десең - деп тунжурай түшүп, анан сөзүн улады - баш кошуп албайлыбы?

-Мени ошого чакырып келдиңби? Көзүм чакчайып, итиркейим келе түштү.

-Жок, жөн эле айтып жатам да. Мирбек бош үн катты.

-Жөн деле айтпа.

Ортобузду кайрадан тунжуроо ээледи Мирбек колундагы чыбыгы менен жерди чукулап олтурду. Мурдагыдай өөп-жыттаган да жок. Болбосо, кучагына бекем кысып алып, кулагыма жакшы көргөнүн айтып,
«-жаным, эркем, жалгызым» - деп чачтарымды салаасы менен тарап, айтор жанымды койчу эмес. Анын бул кылганы өзүмө жакса да, ага сыр бербей, «-жүдөтпөчү»- деп коер элем.

Бүгүн анын бири да жок. өзүн токтоо кармап, салмак менен сөзүн сүйлөп жатты.

-Мына окууну да бүттүк. Анын үстүнө окууга деле барбай калбадыңбы. Билесиң го апам анан карындашым эле. Эми аларды карап, дегендей…

-Окууну бүттүм, болду эми деп сенин апаңды карашым керекпи? Окуйм. Быйыл болбосо кийинки жылы барам.

-Окуба деген жокмун го.

-Анда эмне кыл дейсиң?

-Экөөбүз…

-Токто. Эгер чындап сүйгөн болсоң, мен окууну бүтүп келгенче күтөсүң, болбосо өзүң бил.

-Акмаксың. Сени керек болсо өмүр бою күтөрүмдү, сен кайдан билмек элең. Болуптур, келчи кучагыма.

Мен таарынган болуп, тескери бурулдум. Мирбек акырын артымдан өзүнө тартып:

-Мени кечирип койчу, сени таарынтайын деген деле эмесмин, тек гана оюмдагыны айттым. Анын үстүнө апама да боорум ооруп кетти. Жыл өткөн сайын карып баратпайбы, анан дагы оорукчан экенин билесиң го.

-Билем, жок дегенде биринчи курсту бүтөйүнчү. Кызыл аттестат менен бүтүп, эч нерсеге жарабай калды деп эртең эле классташтарыбыз айтып чыгышат. Экөөбүздүн сүйлөшүп жүргөнүбүздү ансыз деле билишет эмеспи.

Мирбек мени кучактап тартып:

-Акылдуум менин. Макул сен айткандай эле болсун. Сен канча күт десең күтөм.

-Өмүр бою делеби?

-Керек болсо өмүр бою күтөм.

Экөөбүз бири-бирибизге ыкташып, ушул түндүн таңы атпаса экен деп тилеп жаттык. Жүрөктөрдүн кагуусу кадимкидей бири-бирибизге угулуп турду. Кечки күздүн муздак шамалы ортобуздан аралап өтө албай, этек-жеңибизди делбиретип айланчыктап өтүп жатты.

Таң кылайып, жерге жарык нурун төгө баштаганда экөөбүз эгиз козудай ээрчишип, адырдагы жалгыз аяк жол менен кучакташып келе жаттык. Жол боюндагы коен томуктардын сөңгөктөрү баскан кадамдарыбызга суктаныша тиктеп, артыбыздан карап, калып жатышты. Жол боюн аралаган жөө туман каптап өтүп, айлана түнөрө түшүп, кайра жарык нурга бөлөндү.

Райондук «Жаңылык» соода дүкөнүнө жумушка киргениме бир жума болуп калган. Күндөгүдөй эле жумушка эрте туруп, сааттын жебеси жетини көргөзүп калгандыктан, чай ичпей жолго чыктым. Үйдөн чыкканымда эле жол боюндагы ак түстөгү «Москвичке» көзүм түштү. Бейтааныш экен. Жол улап баса бердим. Аңгыча баягы «Москвич» өтө берип токтоду да, андан узун бойлуу, арык чырай жигит түшүп, сылык суроо узатты.

-Карындаш, Айдардын үйү кайсы?

-Кайсы? Буйдала түштүм. Биздин айылда Айдар деген ким эле?

-Касымов бекен?

Ойлонуп оюмду жыйганча, машинадан түшкөн эки-үч бала, мени машинанын арткы эшигине түртө салышып, «ай-буйга» келтирбей, эшиктерди жаап, бири «айда» - деди.

Көчө толук ойгоно элек эле. «Жардамга» - деген кыйкырыгым, машинанын ичинен сыртка чыкпай, буулуп калды. Жалынып-жалбарганым, ыйлап-боздогонум, каруумдан ылдый ныгыра баскан барскан колду тиги балдарга «чымын чаккандай» да көрүнбөдү.

Райондун борборунан анча алыс эмес айылдын бирине бардык. Зордук зомбулдук менен эле үйгө киргизип жиберишти. Тартылган көшөгөгө кирбей, бут тиреп босогого тура калганымда, төөдөй болгон бирөө, белимден кармап туруп, дубалдын кыргагына урганда, көзүмдөн от чагыла түштү. Баягы төө ордумдан тургузуп, эки жаагымды карыштыра кармап туруп:

-Кетип калам деп ойлобо, керек болсо өлтүрүп коем, билдиңби? - деп туруп, күрсүйгөн күрөктөй болгон колу менен ичиме бир койгондо, өзүмдү жоготуп койдум. Үнүм чыкмак түгүл, дем тартта албай калганымды бир гана өзүм билем.

Ушул учурду эле күтүп тургансып, жеңелери көйнөк- жоолугун башыма салышып, кийинтип киришти. Менин бөк түшүп ичимдин ооруп жатканын сезип да коюшкан жок.

Өкүрүп-өксүгөнүмдү, ый-арманымды кирип келе жаткан караңгы түн өзүнө сиңирип, жарыктыктын алакандай айрыгы калбагандай түнөрүп турду…

Көкүрөктөгү жакшы тилектер, эңсеп эми жетем деген сансыз кыялдар көз жашымдын тамчыларына айланып, кийип турган «келин көйнөккө» сиңип жок болуп жатты…

Түн ортосунда атамдын катын алып киришти, анда «кызым, таш түшкөн жеринде оор», эгер көңүлүң болбосо жеңелериң менен кайт- деп жазылыптыр. Жеңелерим менен сүйлөштүрүшпөй коюшту. Нике ошол эле күнү окулду. Күйөө болчу баланы көшөгөгө киргизишти. Өмүрү көрбөгөн адам менен бетме-бет олтурдум. Ак жүздүү, узун бойлуу, арык чырай немее экен. Тике боюна көз жүгүрткөнүм ушул болду. Өзүн тааныштырып, атым Жаныбек- деди.

Бүткүл боюм титиреп, колумдун калтыраганын өзүм да байкап турдум. Ал өтө деле жакын олтурган жок. Бирок, жүзүндө да, сөзүндө да кандайдыр бир кабатырлануу бар экени сезилип турду. Мындайды «жүнү бош» - деп койчу беле?

-Сен менден коркпо. Эми, мындан ары экөөбүз бир бүлө болуп жашайбыз. Колумдан келишинче сени бактылуу кылганга аракет кылам. Эгер сен бүгүн мени уят кылбасаң, өмүр бою сага таазим кылып, бүткүл жашоомду сага арнап жашайм. Сенден өтүнөрүм мени уят кыла көрбө, макулбу? Сураныч сенден…

Эмне деп жооп береримди билбей калдым. Менден эмнени өтүнүп, эмнени сураганы жатат? «Кыларыңды кылып коюп, кыл жип менен бууп коюп», бүттүң го-деп, кыжырым келе түштү.

Ал акырын жаныма өткөндө, бутумду жыйнап алдым. Колдорумдан сылап, чачтарымды өйдө кылып, көз жаштарымды аяр аарчып койду.

Кыязы кыйлага чейин тунжурап олтура бердик окшойт. Эшиктен, болдуңарбы? Таң атып баратат, дагы канча күтөбүз - деген аялдын ачуу үнү кулагыма «шак» дей түштү.

Андан кийин да кыйлага чейин үнсүз олтурдук. Үн катпадык. Жаныбек бир кезде:

-Кел, мен жаныңа жатайын. Эч нерсе кылбайм - деп мени өзүнө тартты. Кетенчиктей албадым, айласыз тагдырыма баш ийдим окшойт. Акырын анын көкүрөгүнө башымды койдум. Ал көп эле нерселерди айтып жатты бирок, анын сөздөрүн бирин уксам бирин укпай, өз ойлорум менен чатачтырып да алып жаттым.

Бир кезде ордунан туруп костюмун чечип, төшөктөн башына таштады да, мени чечиндире баштады. Үстүмө жеңил жамынгычты берип, өзү бизге салынган төшөктү оодара тартып, шымынын чөнтөгүндөгү кичинекей бычакты алып, кийип турган шымын чечип ары ыргытты. Жалаңач эркекти көрбөгөн жаным, бир ирет этимди жыйырып, дирилдей түштүм. Жаныбек аны сезген жок. Жоон санына бычакты сайып, андан чыккан канды менин жаткан төшөгүмө эки-үч тамчы түшүрүп, канын аарчып тазалабай эле, кайра кийди да,

-Жаным, менин айткан сөздөрүмдө унутпа. Дагы кайталайым, болдубу дешсе, «ооба» – дегин. Ооруп жатабы десе, «ийи» де, макулбу? - деди да, шымын топчулап, костюмун колуна алды да, бетимден өптү, терезеден ыргып чыгып кетти.

Ошол, ошол болду. Жаныбек экөөбүз жашап калдык. Акырындап жаңы үйгө, үйүр алып, Жаныбексиз жашоо мага кызыксыздай көрүнүп, аны чындап сагынып күтчү болдум. Алар көп бир тууган эле, үйү деле тар болчу. Бирок, ошого карабай бизге бир бөлмөсүн бошотуп беришкен. Анын иштен келиши мага майрамдай эле. Негедир дайым жанымда болушун каалар элем. Анын эркелеткени жагымдуу, сөздөрү уккулуктуу эле. Келечектеги кыял-максаттары эртең эле ишке ашып кетчүдөй, бүткүл жан-дилим менен ишенчүмүн.

Бир кездеги балалык сүйүүмдүн ээси Мирбек көкүрөгүмдөн алыстап, анын баары унутулуп, анын ордун Жаныбек ээлеп алгандай туюлчу. Жаныбекти күн өткөн сайын жүрөгүмдүн түпкүрүнөн жакшы көрүп бараттым. Ансыз жашоомдун шаңы, тирүүлүгүмдүн көктөмү, өмүрүмдүн өзөгү көркүнө чыкпасын туйдум.

Кадимки күндөрдүн бири болчу. Жаныбек иште, мен үйдө элем. Капилеттен жеңем келип калды, күткөн эмес элем. Ары-бери сүйлөшүп олтуруп жеңем менден:

- Кыз болдубу? Кандай жашап жатасыңар? - деп сурап калды.

Менин оюмда эч нерсе жок, - Коюңузчу, эмнени айтып жатасыз?- дедим.

Ошентип жеңем кетип, кечинде Жаныбек келди. Жеңемдин айткандарын ага айттым.

-Сен эмне дедиң? – деп чочуп кетти.

-Болуп атат-дедим. Жаныбек жайлана түштү.

-Акылдуум, асылым менин - деп, кучагына кысып, ошол бойдон унчкупай калды. Бирок, көңүлү чөгө түшкөнүн байкадым. Өзү деле кем сөз болчу. Бирок, ачуусу чукул эле. Сөз көтөрө алчу эмес.

Ал күнү да, күндөгүдөй төшөккө бирге жаттык. Жаныбектин ич көйнөгүн ушунча болуп чечип жатканын көргөн эмесмин. Алгач

чечинбегендиктен ошого деле көнүп калат окшобойбу адам. Мен деле ич кийимчен жатчумун.

Түндүн бир оокуму болуп калганына карабай, Жаныбек уктай албай улам ооналактап, анда-санда оор үшкүрүнө толгоно берди. Ал бул убакта уктап калчу. Мен да уктабай жата бердим. Жүрөгүмдө кандайдыр бир түпөйүлдүк уюп алды. Бир кезде Жаныбек,

-Эркайым, уктай элексиңби? - деди, мен тарапка оодарылып.

-Жок - дедим.

-Жашырганда не, сага бир чындыкты ачык айтпасам болбойт окшойт - деп, күрсүнө ордунан турду. Мен да ага катарлаш олтурдум.

-Бул, мен армияда жүргөндө болгон. Денемдеги тырыктарды көрө элексиң да, андан коркпо. Азыр бүтүп калгандагысы, бирок …– деп баратып, сөзүнүн артын жутуп, ордунан туруп жарыкты жандырды. Үстүндөгү ич көйнөгүн чечкенде, анын денесиндеги каршы-терши тигилген жерлерди көрүп, алгач коркуп кеттим, бир чети таң калдым. Чынында алгач көргөн адамдын коркору чын. Денедеги тешиктердин оозу бүткөн менен, андагы тигилген жерлердин орду толбой чуңкурайган боюнча калган. Бүтө элек жерлерге пахта тыгып коюптур. Шүйшүң кандын агарын, ага коюлган пахталар далилдеп турат.

Ал ич кийимин кайра кийип, оор улутуна жарыкты өчүрүп жаныма келип жатты.

-Денеңе эмне болгон? - деп сурай албай буулугуп кеттим. Жаныбек, үшкүрүк аралаш, мен сурай албай жаткан суроого өзү жооп берди.

…Кезектеги тапшырманы аткарууда элек. Жоокерлер үчүн «есть» деген сөз, ары улук да, бийик да, ыйык да эле. Токойдон кесип өтүү жүгү бизге тапшырылып, автомашинага ондон ашык жоокер чыгып, айтылган жерге жөнөдүк. Тапшырма тез жана так аткарылышы зарыл болчу. Белгиленген жумушту бүтүп, кайра артка кайтып келе жатканбыз. Борошолоп жааган кар тынбай, бет алдыдан соккон шамал машинаны улам жайлатып, кайра күчөтүп жаткан. Биз кузовдо элек. Капыстан машина оодарылып, көз ачып-жумганча алааматка айланды. Белим катуу ооруп, бир кыйкырганымды билем, андан аркысы эсимде жок…

Көзүмдү госпиталда ачтым. Эсиме келгенде арадан төрт күн өтүптүр. Дарыгерлердин күчү менен аман калганымды билдим. Менден башка эки бала каза болуп, үчөөбүз оор жарат менен мында экенибизди айтышты. Ошондо тирүү калганыма сүйүнгөм. Бирок, минтип жарым жан болуп каларымды кайдан билдим дейсиң? Аны врачтар кийин айтышты. Бир жылда төрт ирет операция болдум…

Жаныбек сөзүнүн ушул жерине келгенде үнү каргылданып, жүрөгүнүн түпкүрүнөн ыйлап жатканын туйдум. Бирок, соорото албадым. Ага кудиретим да жетпейт эле, билип турдум.

Тээ бир кыйладан кийин сөзүн улады.

-Билем, азыр жашсың. Жашоодо сен билип, көрө элек али көп нерсе бар. Качандыр бир кезде сен аны билип, даамын татсаң балким, ажырашып кетербиз. Ким билсин?...

Мен шашып кеттим.

-Эч качан ажырашпайбыз. Биз өмүр бою бирге болобуз. Мен сизсиз жашай албайм…

Жалаңач денемди анын үстүнө таштадым. Ал акырын онтоп, аяр далымдан сылады. Кыязы байкабастан анын ооруп турган жерин басып алдым окшойт бирок, ал билдирбеди. Ал далымдан сылап да, ыйлап да жатты…

Түн бою уктаган жокбуз, сүйлөшүп жаттык. Бирок, жүрөгүмдөгү түпөйүл ой, санаамды мыжыгып турду…

Бир ай ичинде жеңем, үч ирет келди. Анын кайра-кайра келиши, кандайдыр түпөйүлдүктү эле эмес, муздак сөздөрдүн учкунун да ала келгенсип жаткансыды.

Кайненем чоң кызын чакыртып алып, экөө үй ичинде чай ичишип, сүйлөшүп олтурушкан. Капилеттен эшиктин артында иш кылып жатып, алардын Жаныбек жөнүндө сүйлөшүп жатканын угуп калып, тыңшай калдым.

-Жалал-Абаддагы, Бишкектеги врачтар да бирдей диягнос коюшту. Билбейм эми…- деген кайнеэжемдин сөзү кулагыма шак дей түштү.

-Тигилердин шектенип жатканына караганда, келинди алып кетишет окшойт. Олдо-кургур, балам-ай, майып болгонуң аз келгенсип, эми туяксыз да өтөсүңбү? Кайненем бышактап ыйлап жатты. Эжем кайраттана:

-Апа, Жакинди дагы бир жолу текшертип көрөлүчү. Ага чейин жыл айланып кетет. Балаңыз бир аз болсо да көнсүн, жашасын кийин келинди алып кетишсе, жашай албай коюшту дейбиз. Балаңыздын абийирин ошентип сактап калуудан башка айла жок.

Эжемдин сөзүн угуп «чийки май» жегендей боло түштүм. Ошол күндүн эртеси Жаныбекти Жалал-Абаддагы ооруканага жаткырышты. Аны менен мен да чогуу бардым. Күндө ооруканага каттайм. Ал жерден Жаныбек Бишкеке которулду, мен үйдө калдым.

Келгениме бир жума боло элек, жеңем келди. Сүйлөшүп олтурдук. Кыйла сөздү кыйытып айтып түшүндүргөн менен, жүрөгүм

Жаныбекти дегдеп, андан бөлүнсөм эле жашоом токтоп калчудай боло берди. Жеңем, -өзүң бил- дегендей коштошту.

Бишкекке каттоо жүгү кайнагама жүктөлгөндүктөн, «ат тезегин» кургатпай барат. Аны менен мен да бардым. Экөөбүз, оорукананын багында сүйлөшүп олтуруп, бир кезде Жаныбек мага мындай деди.

-Эркайым, бала багып алсак кандай дейсиң?

өзүмчө чочуп кеттим. Суроосуна суроо койдум.

-Эмне, мени төрөбөйсүң дегиң келип турабы?

-Жок, дагын деле түшүнбөптүрсүң да. Жалган күлүп кучагына кысты. Негедир кыжырым келе түштү. Колун силкип:

-Мен эмнени түшүнбөйт экем? Анда сен түшүндүрүп бер- дедим, ага тике багып.

-Болуптур. Койдум мен - деп кайсалактай, - сени кантээр экен десе? - деп, жойпуланганын билип эле турдум.

Эртеси жолго чыктык. Жол бою Жаныбектин «бала багып алсак кантет?» - деген суроосу тынчымды алып, үйгө сабырым суз кайтып келдим. Ошондон баштап кандайдыр бир бүдөмүк ойлор тымызын тынчымды алып, санаамды-саңга, оюмду оңго бөлчү болду.

Күйөөгө тийгенге чейин, кыздар өзүбүзчө боло калганда, эркектер жөнүндө сүйлөшчүбүз. Эрге тийгенде «антет экен, минтет экен» - деген сөздөрдү уккан менен, мен андай нерсени Жаныбекке тийип көргөн жокмун. Жаныбек жанымды кыйнап, алар айткандай кылган жок, кайра экөөбүз төшөккө жатканда кучакташып, эзилише эркелешип, анан уктап калар элек. Ал деги эле мени чечин деп айткан эмес, а түгүл өзү да чечинип жатканын көргөн жокмун. Дайым көйнөкчөн жатар элек…

Жеңем дагы келди. Жеңемдин келгенин, кайненем жактырбай турганын көзүнөн окуп турсам да, сыртынан айланып-тегеренип, дасторкон жайды. Үчөөбүз чайга олтурдук. Жеңемдин көзү менден өтүп, улам-улам карап, мага бир нерсе айталбай турганын билсем да унчукпадым. Кайненем да дасторкондон турбады. Жеңемдин чыдамы жетпеди окшойт, дасторкондун четин өйдө кылып:

-Кыз менен өзүнчө сүйлөшүп алайын дедим эле, жүрчү кыз- деди.

Кайненем сыр бербей,

-Үйгө кирип сүйлөшкүлө, азыр эч ким келе койбос-деп, өзү өйдө да болгон жок, дасторкон үстүндө калды. Жеңем экөөбүз биз жатчу бөлмөгө кирдик. Олтуруп, олтурбай жатып жеңем сөз баштады.

-Ачык эле сүйлөшүп албасак болбойт, кыз. Атайын эле сага келдим, кана айтчы деги жашооң кандай?

-Жакшы - дедим башымды ийген калыбымда. Ал мени арман-күүсүн айтып, даттанып ыйлайт деп ойлосо керек.

-Эмнеси жакшы?

-Мамилеси.

-Дагы?

-Баарысы эле.

-Айтпайсыңбы, ошол баарысын?

Унчукпай калдым.

-Жашоо, турмуш - деген мындай болбойт. Жеңемдин сөзү да, үнү да, өктөм чыкты. –Сен балалуу болуп, өзүңчө очор-бачар болуп жашашың керек. Билбейт дебе, баарысын билебиз. Күтөт деген ушунча болот. Күттүк, жетет. Айт ачыгын?

-Жакшы дебедимби.

-Жакшысын биз билбей калыптырбызбы, билебиз. Эркек деген эркек болсо гана жашоо болот. Ансыз жашоо болмок беле, даярдан алып кетем. Калганын үйгө барганда сүйлөшөбүз. Кана тур, ала турганыңды жыйнаштыр.

-Жеңе!

-Жеңең менен жерге кир. Сага жамандык каалап жатыптырмынбы? Сенин келечегиң, тагдырың, жашооң үчүн кылып жатабыз. Бул менин эле сөзүм эмес, эжелериңдин, бир туугандарың менен ойлонуштурулуп, «жети өлчөп, бир кесилген» сөз. Бол. Болбосо азыр…

-Жашайм дебедимби.

-Акмак турбайсыңбы. Жеңемдин ачуусу бетине чыгып, - эй, мал, азыр мени менен кетпесең, эжелериңди чакыртам. Ошондо көрөсүң, андан көрө жакшылыкча жүр мени менен.

Жеңемдин «эжеңдер» деген сөзү катуу тийди. Азыр кошо барбасам, чоң жаңжал чыга турганына көзүм жетип турду. «Жаныбек баары бир артымдан барат, ошондо кайра келе берем» - деген ишенич жүрөгүмө жылуулук берип, жеңемди ээрчип сыртка чыктым.

Сыртта жүргөн кайненем менин кийинип алганымды көрүп жеңемди утурлай басты.

-Келинди алып каяка?

-Үйгө барып келсин мени менен. Үйдөгүлөрү да ала кел дешкен эле.

-Жакин келсе, кошо…

Жеңем сөздү бөлө сүйлөдү.

-Ага да убакыт болуп калар. Макул, жакшы калыңыз.

-Андай болсо…

-Кереги жок.  Жүр, кыз. Автобустан кеч калбайлы. Кеч да болуп калды.

Жеңем бир жулкунуп алып алдыга түштү, мен анын артынан ээрчидим. Кайненем айтар сөзүн таба албаган баладай энтигип, артыбыздан ээрчий басып, башын ийкегилеп сөз сүйлөй албады. Аны артымды бир кылчайып караганымда көзүнөн мөлтүлдөп агып жаткан жашын көрдүм.

Кандайдыр бир нерсе кекиртегимди бууп калгансып, токтой калып, артыма карай жүгүргүм келип турса да, кайта албай аргасыз жеңемдин артынан илкий басып, мен да кайненеме карап башымды ийкеп койдум. Коштошконум да ошол болду.

Какылдап жаагын жаңган жеңем көчөгө чыкканда, «оозуна талкан салып алгансып», өзүнчө ойго батып термелип келе жатты. Үйгө келгенче ашыкча сөз да сүйлөгөн жок. Эшикти ачып үйгө киргенибизде, үй толгон аялдар экен. Не деген сөздөр айтылбады. Анын бирин да таап айталбасам керек, кыскасы «Жаныбек менен жашабайсың, болду» дешип токтошту. Ошентип үйдө калдым.

Арадан эки күн өтпөй Жаныбек келди. Үйгө жолотпой коюшту. Ошондон баштап экөөбүз жашырынып жолугушуп жүрдүк. Качып да кетелик деген ой болду бирок, андай да кыла албадык. Дайым түнкүсүн кездешээр элек. «Сүйлөп сөзүбүз, айтып кебибиз» бүтпөй, таң дайым атып кетер эле…

Үйгө келгенимден бери Мирбек, үйдү айланчыктап, күн алыс келчү болду. Балалыктын алтын доорун сүргөн «темир канат» сүйүүмдүн ээси Мирбек көзүмө мурункудай көрүнбөй, Жаныбек андан артык сезиле берчү. Бирок, Мирбекке такыр кол шилтеп салбадым. Жалгыздыктан куса болгондо, аны менен чер жазыша сырдашып, алар элем. Анын «-алып кетейин, бирге жашайлы, болуп өткөн тагдырыңа кайылмын»- деген сөздөрүнө жүрөгүм макул болбой, Жаныбекти эңсей бердим. Ал канчалык чын жүрөгү, чын дили менен айтпасын, менде негедир олку-солкулук жоголбоду. Кайра мага шылдың кылып жаткандай туюлчу. Ошондон да улам болсо керек, акыркы учурларда ара туулган козудай болуп, өзүмдөн-өзүм басынып досторума да баягыдай аралаша албай четтей бердим. Бир кезектеги Мирбек деген ынак сүйүүмүн жалыны өчүп, ал Жаныбекке ушунчалык тез анан түп-тамырынан бери ооп кеткенине өзүм да таң калчумун.

Бул ортодо үйдөгүлөр андан-мындан сөз кылып жүрүштү. А түгүл чоң эжем, коңшулаш өзбекстандык кыргыздардан бирөөнү таап, «-Тааныш, жакса жообун бер»-деп буйруй сүйлөп, жооп күткөнү да эсимде. Арадан аз гана күн өтүп, эжемден дагы бир кат алдым. Ал кат

ачуу да, айласыз да жазылган эле. Көңүлүң болбогон соң, айдай ачык жол салып беришсе да, жакындагың келбейт тура.

Ошол күнү түндө Жаныбек келди. Экөөбүз ээн талаа, боз адырдын үстүндө олтурдук. Көп деле сүйлөшпөдүк. Мен эжемдин жазган катын айтып бердим. Ал оор үшкүрүнө:

-Эркайым эсиңдеби, сага айтчу элем го, сен билбеген көп нерсе бар деп. Эгер башкага турмушка чыксаң, мени унутуп каласың го…

-Койчу, эмнеге унутмак элем.

-Унутасың. Жашоо – деген эмне экенин, анын таттуу даамын таткандан кийин билесиң. Туура экөөбүз…жок. Ал эмнегедир сөзүнүн аягына чыга албай, үнү каргылданып, көзүнө жаш тегерене түшкөнүн жүрөгүмдөн сезип турдум. Ал мени кучагынан бошотуп, боз адырдагы шыбактын бир канчасын жулуп келип, от жага баштады. От улам алоолонгон сайын, шыбактын тамырын, куураган шилбинин бутактарын чогултуп, кыйла отун чогултту. Тээ бир кезде жаныма олтуруп жатып,- Сени мына ушул кызыл оттой жакшы көргөм. Ал акырындап мына ушул чоктой өчөт. Сен унутасың, үй-бүлөң, бала-чакаң болот, а менин…

Кыйлага чейин тунжурап олтуруп, анан акырын кыңылдап ырдай баштады. Үн улам жогорулап бийиктеп, салкын абада кырдан-кырга, адырдан-адырга өтүп, бүт айланага угулуп, түн да дем тартпай кулак төшөгөндөй тунжурап турду.

Ал ырдап да, ыйлап да жатты… Көздөрүнөн төгүлгөн жаш, бетинде салаа-салаа болуп төгүлүп, токточудай түрү жок. Бүткүл дили менен өмүрүнүн өзөк өрттөгөн арманын, бактысыз тагдырын, жашоого болгон кумарын…деги ченде жок жүрөк бугун суудай төгүп, кирген буурадай тынымы жок буркулдап, көөдөнүн жарган азап-кайгысын ырдан чыгарчуудай, эзилип-экчелип ырдай берди…ырдай берди…

Ыр көкүрөктөн агылып чыгып, көмөкөйдөн боз талаага учуп чыгып, ай-ааламды кыдырып кетип жатты. Ыр төгүлүп, жаш төгүлүп көөдөндү тиреп турган муң-арман төгүлүп бүтөр эмес…

Ага мен да кошулдум. Ортобузда алоолонгон от улам жалбырттап күйүп, күйүтүбүзгө ортоктош болгондой бирде бастап, бирде бийиктеп өчөр түрү жок. Экөөбүз эки тарапты карап, кош далыны бириктире, ал токтосо мен улап, мен токтосом ал улап ырдай бердик… ырдай бердик. Ыр түгөнбөдү, ый түгөнбөдү... Экөөбүз бири-бирибизди сооротподук. Тек гана ырдап жаттык.

…Айтылбаган арманыбызды, сүйлөшө албаган жүрөктөгү сөздөрүбүздү ырдап жаттык…

Асмандагы ай адыр аралап жашынды, толук уга алган жок ырыбызды. Көзүбүздөгү жашка, көөдөндөгү муңга чыдай албады.

Көктөгү көз уялткан жылдыздар тарап, күндүн алыскы нурларына бекиништи. Таң тоо аралап келе жатты…

x x x

Эжемдин өтүнүчүн аткарбай кое албадым. Айткан жигиттине жолугуп, тааныштым. Жарытылуу деле сүйлөшпөдүк. Кара торусунан келген, эт-сөөктүү неме экен. Сөзгө жарды бирок, сөздү ныгыра басып сүйлөгөнү жаккан жок. Анын үстүнө ачылып-чачылып сүйлөшпөгөндүктөн, «ичимден таптай» көрүндү. Өзү жөнүндө эки сөз менен айтып өттү. Аты Руслан экен. Ата-энеси менен чогуу турарын билдирди. Угуп олтурдум. Унчукпадым.

Жашырганда не, Мирбектин акыркы күндөрдөгү сөзү жүрөгүмө жарык берип, «кара такты» балалыктагы ак сүйүүбүз жууп кетер деп, ага көңүлдөнүп калганым деле ырас болчу. Анткени, кайра Жаныбекке кайрылып барбасыма көзүм жетип калган. Анын үстүнө Мирбек:

-Эркайым, сенин тазалыгыңды, ак экениңди үйдүгүлөр деле билет. Сенин «кыз» экениңди элдин баарысы айтып жүрбөйбү. Коркпо жаным, биз бактылуу болобуз. Сен макул десең эле болду - деп безилдегени мени кыйла шердентип салган.

Жаштык, балалык экен да, «кыздык» деген сөздүн маанисине жетпей, Жаныбектин үйүнө баргандыгыман өзүмдү «келин» сезип, орто жолдо калаксыз кайыктай болуп теңселип калганымды кайдан билейин.

Ал кезде тигүүчү болуп иштөөчүмүн. Күндөгүдөй эле эрте туруп, чай ичпей ишке жөнөдүм. Жолго чыкканымда алдымдан Русландын эжеси утурлай басып, учураша:

-Келдиби?- деди, кытмырлана күлүп.

-Ким? Эмнеге келмек эле? - дедим.

-Русланды айтып жатам да.

-Кайдан билейин?

-Сүйлөшпөдүңөрбү?

-Айтарымды айтым го.

Сапарымды улаганча, артымдан ак «Москвич» жете келип, андан Руслан чыкты. Денем негедир муздай түштү.

-Кандайсыңар? Күрөктөй болгон колу менен көрүшүп, кое бербей кармап калды.

Машинадан түшкөн жигиттер, мени тоголотушуп, машинага салышып, оозумду баса калганы, -айда- деп айдоочуга буйруй сүйлөдү. Машина ордунан оор козголуп, чоң жолго чыкты. Чындыгында мурункудай корккон жокмун. Бирок, жүрөгүмө кимдир бирөө муз салып жибергенсип, ичиркенип алдым. Артка кайтып кетүүнүн айласы жок экенин алдын ала билгеним үчүнбү, мурункудай «үйдү үч көтөрө»

албадым. Болгону жашоомо караңгы түн түшүп, белгисиздиктин учун таппай олтурдум.

Эжемдин каты, андагы сөздөр кулагыма жаңырып турду. Ошондон да болсо керек жүрөгүмө кандайдыр бир мерездик, көктүк орноп алгандай болду. Эжеме болгон бир тууғандык сезимден жаа бою качкым келип турду.

Жаныбек менен жашаган күндөрүмдөн өмүр бою кол үзгөнүмдү, ага кайтып бара албастыгымды түшүндүм. Жашоомдогу оор күндөрүмдүн башаты балким, ушул күндөн башталгандыр. Ошол күндөрдөгү кан жуткурган ойлор, айсыз түндөрдөгү өмүр кечирген ар бир минутам түбөлүккө эстен чыккыс так болуп калды окшойт жүрөктө.

Ичимден туталанып уйгу-туйгу ойлорго тумчугуп турдум. «- Эх…арман дүйнө… алсыз адам. Бул дүйнөдө жалгыз сен эмес белең ишенген адамым. Неге сунушуңду улам артка сүрүп келдим экен.

Мирбек, алып кет мени, сени менен бирге өлсөм да ыраазымын. Кайдасың? Оо, шоруң курган балалык сүйүүм, кантер экенсиң, эми эмне болот?...»

Сансыз ойлорум бирде Мирбекке, бирде Жаныбекке бой уруп жандалбастап жатты…- Көзүмдүн карегинен учкан балалыгым, Жаныбек менен жашаган бактылуу күндөрүм, кошкула. Кайда калдыңар? Кайда?...

Жандалбастаган жан сезимим менен кошо ичим да ооруп жатты бирок, муну эч бир жаңга айта алган жокмун. Мени угар да адам жок эле. Ар ким өзү менен өзү болуп, баш аламан алай-дүлөй, той өтүп жаткан…

Октябрь айынын ызгардуу түнүндө нике окулду. Бул менин тагдырымдагы караңгы түндүн башталышынан кабар берген алгачкы айланпа экенин сокур түн мага кабарлагандай болду. Ошондо «келиндик тагдырымдын алгачкы түнүн» билдим. Бул учур мага ого бетер оор тийди.

Жаныбектин жан кыйналган эркектик «жан сезимин», ар-намысын, көлдөгөн көз жашынын «азап-тозогун» ошондо түшүндүм. Кайран жаштык, кайран курак…Сенин «кереметиң» ушул беле?...

Алгачкы күндөн эле жашообуз ойдогудай башталган жок. Бирок, баарына чыдоо да, көнүү да керек экендигин сезип турдум. Келин болуп кериле басуу ойго келбей, тойдон кийин эле талаага чыктым. Пахта терими күчөп турган учур эле.

Келин болуп Руслан менен жашап калганыма кыйла күн болуп калган. Күндөгүдөй эле пахта талаасында болчубуз. Руслан кандайдыр бир иштер менен, теримге келбей калган. Талаада кайним, абсыным

үчөөбүз элек. Түш ооп калганда кайним аялын үйгө жөнөтүп жиберди. Кайним экөөбүз калдык. Күн кылайып бара жатканына карабай, кайним:

-Түшкөн жөөктөрүбүздү бүтө коелу- деп баш көтөрбөй иштеп жатты. Андан уялганымдан мен да «-кетели» -дей албай иштей бердим. Каш карайып кетти. Анын үстүнө чарчап да калган элек. Терилген пахтаны арыктын ичине коюп, ородук да үйгө жөнөдүк. Жол пахта талаасынын ортосу менен өтүп, анан чоң жолго кошулат. Шакты аралап мен алдыда, артымдан кайним келе жаткан. Капыстан эле кайним белимден кучактап калды. Тамаша экен деп,
-койсоңузчу бала- деп артымды караганча, тиги мени арыктын ичине баса калып, беттеримден өпкүлөп, көкүрөгүмдү эзгилеп, анысы аз келгенсип этегиме асылганда, кандайдыр бир зор күч менен аны үстүмдөн оодара салып туруп кеттим. Ага да болбой артымдан кубалап келе жатканда кайрылып туруп тепкенимде, чатына аралаш тийген экен, -Аа…- деген бойдон ордунан тура албай аңызда калды. Артыма карабай ыйлаган бойдон үйгө келе бердим.

Эртеси кайним ишке чыккан жок. –Ооруп жатам- деп койду. Мен болсо болуп өткөн окуяны кайненеме же Русланга айта алган жокмун. Уялдым.

x x x

Күтүүсүздөн келген Мирбектин апасы Айкыз эже менен карындашы Айнаштын, Русландын үйүнө келиши, мени апкаартып салды. Үйдө эч ким жок болчу, баарысы талаада жүрүшкөн. Айкыз эже мени карап;

-Кандайсың Эркайым? - деп жылуу учурашты. Булардын тууганчылык жайы бар окшойт, деген ойдо,

-Жакшы келиңиздер – дегенден башка сөз айталбай, көзүмдү ала качтым. Кимдир бирөөгө уурулугумду карматып койгондой, өзүмдү кармай албай, бүткүл денем титиреп чыкты.

-Ким бар? – деди Айкыз эже, эки жакты абайлап карап, өзүн токтоо кармап. өзү деле кыйла токтоо, акылдуу аял эле.

-Үйдөгүлөр жок эле, азыр келип калышар - дедим, шашкалактап.

-Үйгө кириңиздер.

-Токто, Эркайым. Эч ким жок болсо жакшы экен, сүйлөшүп алалы. Мен сенин жеңең болом. Кыскасы, сенин артыңдан келген адамбыз. Түшүндүңбү? Бирөө жарым келип калса ошентип айтасың.

-Бул Мирбектин каты, кааласаң азыр окуп жообун жазып бер, болбосо оозеки айтсаң да болот. Бол тез - деп шаштырды.

Колума катты алып, Айкыз эже менен Айнашты үйгө киргизип, чай койгон адам болуп сыртка чыктым. Чыгып эле ажатканага барып катты окуй баштадым. Кат ушинтип жазылыптыр.

«Кандайсың, асылым. Ден соолугуң жакшыбы? Эмне деген нерселер болуп кетти, жаным? Бирок, баарына чыдап тур аз калды. Мына келин болуп барганыңа да он бир күн болду. Не күн кечирип жатканыңды да билем, сезем алтыным. Канча-канча ойлорубузду, максаттарыбызды тебелешти акмактар… Эми болору болду.

Эркайым, мени ук. Апам менен Айнашты сага жөнөттүм, анткени мен догдурдан үч күн болду чыкканыма. Колум сынып, гипстемин. Баардык сөздөрдү жолукканда сүйлөшөбүз, качып чыксаң болду. Мени эч нерсе кызыктырбайт. Эсиңден чыкпасын, баарынан кеч. Мен сени деп апамды жөнөтүп жатам. Уят кылба садагам, ишеничим.

Келин экениң мени кызыктырбайт, аны баарыбыз билебиз. Апамды билесиң, түшүнгөн аял. Сен качып чыксаң болду, калганын бизге коюп бер. Бул жерде жашабайбыз, асылым. Уят кылба.

Мени катуу сабашкан экен, мотоцикл да талкаланган, азыр калпакта. Өзүм азыр жакшы элемин, кабатыр болбо, жаным. Ушул күндөрдө кан жутуп жибердим. Бир айласын таап, апамдан жообун жазып бер. Коркпо жаным, апам же Айнаш биз менен бирге болот. Кан жуткузба, асылым. Адрес: Кызыл-Жар. Чоң жол. Күнүн, сааттын сен белгиле. Мирбек. 27. 10. 93-ж.»

Ансыз да экчелип турган жашоомо, капилеттен келген бул кат ого бетер бүлүк салды. Бирок, ачык жооп бере албадым.

Эшикке чыгып бараткан Айкыз эже:

-Эркайым, Айнашты жөнөтөм, ошондо жооп кат берерсиң, макул ага чейин - деп сылык-сыпаа коштошту.

Ошол күндөн баштап, бир төшөктө төрт адам жашап жаттык. Жаныбек, Мирбек, Руслан анан мен. Өзүмдү кимисине ыйгарарымды билбейм. Канчалык ойлонбоюн деген менен, Жаныбек оюмдан кетпей койду. Анын аялуу тагдыры, бир өмүр өзүн-өзү жеген ар-намысы. Кыскасы, алгач «көз ачып көргөн» эркегим-эрим да ошол эле да. Жок, анда Русланчы? Бир кем мүчөсүнө карама-каршы келген мүнөзү, кыял-жоругу, мага кылган ар бир кылдат мамилеси, көз алдымда калганын кантип жашырайын. Анын ар бир сөзү кулагыма жаңырыктап, кайра-кайра уга берүүдөн тажачу эмесмин. Балким, ошондон улам да болсо керек, анын салмактуу сөзү, айткан акылы мен үчүн «жаңы ачылыш, жаңы дүйнө» болчу.

Мирбекчи? Мирбек - тун сүйүүм. Балалыктын балтыр курагында кездешкен махабатым. Мектеп партасынан бирге өскөн

курбум, сырдашым. Алгачкы сүйүүнүн гүлүн тартуулаган, Жаныбекти көргөнгө чейинки, эч кимге алмаштыргыс асыл курбум.

Эң башкысы кара башын сайып, карайлаган күнүмдө жарык нур болуп, мага жөлөк-таяк болгусу келгеничи? Келин экендигиме карабай, минтип апасын жөнөтүп, дагын деле «бирге жашайлы» деп, акыркы үмүттү менен жашаганы жүрөгүмдү жылытат.

Мирбек, Жаныбек дегеним менен, мен азыр Русландын койнундагы никелүү аялмын. Канчалык толгонбоюн, ойлонбоюн баары, куру кыял. Бир төшөктө «үч эркек» менен жашоодон кыйналып кеттим. Кимисин тандап аларымды билбей, жүрөгүмдүн эзилип жанчылганы менен, Руслbackдын койнунда жатып жүрдүм. Мирбек да, Жаныбек да жүрөгүмдө…

Арсат жашоо, «өгүз өлбө, араба сынба» тирилик өтүп жатты. Үйдөгү келишпөөчүлөк, өз ара араздашуу ого бетер ойлорумдан адаштырып, «-мен кимисине таандыкмын?»
- деген суроо саат, секунт сайын башымда айланып, өзүмө-өзүм ээ боло албай, орто жолдо калдым. Жүрөгүм гана
«-Алып кет мени, кайдасың?» - деп боздойт. Бирок, кимиси үчүн? … Белгисиздик…

x x x

Пахта терими бүтөйүн деп калган учур. Ноябрдын жылуусу кетип, күн кечтесе түн сууп, а түгүл суу кыламыктап калган. Терилген пахтаны күндө тапшырабыз. Эртең менен терилген пахтаны кечинде тапшыруу адатка айланган. Күн сайын ушул көрүнүш. Аны бирде Руслан, бирде кайним, алмак-салмак өткөрүп келишет. Ошол кеч Руслandын кезеги экен. Пахтаны тракторго жүктөп алып өткөргөнү кетти. Талаада кайним экөөбүз эле калганымды байкабаптырмын. Карбаластап жатып кеч кайттык. Пахта талаасынын орто ченине келип калганбыз. Кайним артымдан жете келгенин байкабай калыптырмын. Келип эле колумдан кармап:

-Жеңелик кыласыңбы, жокбу? - деп бетме-бет тура калды.

Колумду силкип бошоттум да, кайнимдин бетине тартып-тартып жибердим.

-Акмак. Ушул сөздөрдө кантип айтып жатасың, бир тууган жеңеңе. Акең билип калса…

Сөзүмдү оозумдан жулуп алды.

-Бир тууган болсо эмне болуптур? Сага чейинкилерин деле ушинтип келгем.

-Эмне?..Эмне дедиң?

-Укканың. Кайним кебелбей үн катты. –Өзүңбү же күч колдонойунбу? Өткөндөгүң эстен чыга элек.

-Шүмшүк. Мына сага. Беттен ары чаап жибердим. Ал дагы мени аяган жок. Кетмендей болгон колу менен урганда, көпөлөктөй делбиреп барып арыктын ичине оонап калдым.

-Энеңди урайын, өткөндөгүң деле жетет. Жөн койсо…

-Тийбе дейм, акеңе айтам.

-Айтмак турмак айт. Колуңдан келгенин кылып ал…-деп, арыктан тургуза койбой үстүмө чыгып, «коенду баскан ителгидей» көздөрү чанагынан чыгып, бар күчү менен колумду майыштыра толгоп, эңсегенине жетип, ит иттигин кылып ордунан турду да:

-Кана айтып көрчү-деп «чыйт» түкүрүп, артына карабай басып кетти.

Караңгы түнгө аралаш үйгө келдим. Ыйым, ызалыгым ашып-ташып, дүйнө кезген арман болсо, менден мурун аял алганын угуп, ого бетер өзөгүм өрттөнүп турду. Башымдагы сансыз ойлор дүйнө кыдырып, колумдан эч нерсе келбей, бар күчүмдү ыйдан чыгарып, бүк түшүп баарын каргап жаттым…

Мага жигит дешпеди беле. Эми ким болдум? Жүзү жок айбандар, эшектер, иттер… Баардык жаман нерселер силерсиңер…

Түн ортосу болуп калса да Руслан келбеди. Эки адамга салынган төшөктө өзүм жаттым. Бир оокумда Руслан келди. Мени уктап жатат деди окшойт, акырын келип жаныма жатты. Оозунан арактын буруксуган жыты буркурай түштү. Төшөккө башы тийер менен эле уйкуга кетти, кыязы чарчаган окшойт. Ичим от менен жалын болуп турса да эч нерсе айталбадым.

Таңды, кечинде кандай жатсам дал ошондой тостум. Кирпик көзүм кагылган жок. Эки көзүм анардай кызарып, таңда ордумдан тура албай онтоп жаттым. Бүткүл денем жанчылып, колумдун булчуңдары көгөрүп, гозолордун чанагы тилген эки жамбашымдын ачышканы жөн эле сай-сөөгүмдү сыздатат. Чыкыйымдын чыңалганы жазылбай, башымды бастырып койгондой ооруп, ишке чыга алган жокмун. Үйдө калдым.

Абсыным келип акыбалымды сураганда, «өлбөгөн гана төрт шыйрагым калды». Ошол, ошол болду. Күн санап жашоомдо суздук, ишенимсиздик, пайда болду. Ичимден кандайдыр бир шишиктей болгон өксүк жүрөгүмдү кыйнап, аны эч кимге айталбай бук болуп жүрдүм.

-Руслан менен неге жашап жүрөм, кандай максаттым бар?- деген тымызын ойлор ичимди эзет. Өзүмдү-өзүм башкара албай калдым. Ишке чыккандан бери, тилим чыгып, ар бир сөзгө «терс» жооп кайтарып эле калбай, андан ашып түшкөнгө аракет кыла баштадым. Эптеп чыр чыгарып, катылган сырды ачыкка чыгара айткым келип,

буулугуп жүрдүм. Убакыт учкан куштай өтүп жатты… Учурун күтүп жүрдүм.

x x x

Мирбектин экинчи катын Айнаш алып келди. Анда: «Күнүң кантип өтүп жатат болду экен? «Чыкпаган жандан үзүлбөгөн үмүт» дегендей, Айнашты жөнөтүп жатам. Бул ирет өлтүрө көрбө мени, ичиңдеги баланы ойлобо, сен үчүн тирүүмүн асылым. Сени кандай көрсөм, аны да ошондой көрөм, сөз берем садагам.

Апам да билет, мени көрүп эзилип бүттү. Өзү жол ачып берип жатат. Айнашты да өз макулдугу менен жөнөтүп жатам. Калганын көрүшкөндө сүйлөшөбүз. Сен чыксаң болду, мен машинада айткан жериңе барам. Апам да барат. Көзүңдүн бир тамчы жашын көрүштү каалабайм. Мага эле жетип алсаң эч кандай жамандыкка жол койбойм, ишен. Айнашка баарын айт, садагам. Көрүшкөнчө. Ишеничим, жалгызым сенсиң. Өлтүрбө. Мирбек.»

Каттагы сөздөр кайратымды бел байлатса да, Айнашты ээрчитип чыгып, кете алган жокмун. Алсыздык кылдым. «Куру намыстын казанында кайнап», андан ашып түшө албадым. Же эжемдин өктөмдүгү жүрөгүмдү алып койду бекен?

Айнашты жөнөтүп алып, өзүмдү коерго жер таппай басып жүрдүм. Кылган ишим, жүргөн-турганым денеме сыйбай койду. Кайненемдин эки-үч ирет каарып өткөнү, ого бетер жүрөгүмдү эзип турду. «…Эмне кылуу керек? Кандай кылсам экен? Айнашты кууп жетсемби?..»

Бири-бирине карама-каршы келген ойлорум жөргөмүштүн желесиндей болуп оюмду ар тараптан тушап алды. Убакыт - учкан куш. Куш болуп калганымда не? Анда уча бермекмин, уча бермекмин… Бул деле куру кыял да.

x x x

Жыл айланды. Сентябрда көз жардым. Ал узак жашаган жок, чарчап калды. Дагы бир үмүттүн жиби үзүлдү. Ал деле унутулду. Бассам-турсам оюмдан Жаныбек кетпейт. «Сырттымдан күлүп, ичимден сыздап» күн өткөрүп келем. Бүгүнкү жашоом, негедир балалыктагы тун сүйүүмдүн көз жашына тете боло албады. Жыл өтсө баарысы унутулат дечүмүн. Унутулбады.

Мирбектин алып кетүүсүн «Кайдасың? Алып кет мени»- деп күн сайын Кудайдан тилейм. «Сагынычым, ак сүйүүм менин! ». Бул кыйкырыктарым жүрөгүмдүн түпкүрүндө гана жаңырыктап, сыртка чыга алган жок.

x x x

Апрель айынын аягында УЗИге түштүм. Руслан да жанымда эле. Боюмда бар экенин айтышты. Экөөбүз тең сүйүндүк. Кечке парк аралап басып, үйгө кеч келдик. Кайненемдин какшанганына жүрөгүм ыйлабады, анткени ичимдеги жанга сүйүнүп тургам.

Түн бою Руслан экөөбүз сүйлөшүп жаттык. Бактылуу учурду эстөө канчалык ырахат ээ…Ушундайда таң атпай койсо не?... Баарына кол шилтеп, эми мындан ары бактылуу жашоого бел байладым. Артка жол жок экенин мойнума алдым. Эми кайсы сүйүү, кайсы бакытты издейин.

Күн өткөн сайын ичим кыймылдап, жарыктык дүйнөгө жаңырык салчу наристем, жүрөгүмө жылуулук берип, Русланды да мурдагыдан жакшы көрүп бараттым. Мамилем да кыйла өзгөрдү. Пахта тазалоочу жайга ишке киргем. Күн сайын барып келем. Айлык алган менен ал эч качан меники болбойт. Ал кайненемдики. Ошондон да болсо керек акчага, дүйнөгө болгон көз карашым өзгөрүп, «өлүп кетсин» девизине өтүп алгам.

Акыркы күндөрү ишке чыга албай калдым. Буттарым шишип, баскан-турганым оорлоп, ичимдин кыймылы күчөп, аны менен жалгыз калганда кадимкидей сүйлөшкөндү адат кылып алгам. Бүгүн да үйдө өзүм жалгызмын. Диванда буттумду салаңдатып ойлуу жатам. Мына дагы кыймылдады. Аны колум менен ичимдин сыртынан сылап: «-Кагылайын жаныңдан, атаң башка болсо болбойт беле, өзүм күнөөлүүмүн баарына. Мындай болорун билгенде, мектепти бүткөндө эле тийип албайт белем. Эми айла жок, сен үчүн жашайм жаным. Толгоном, тумчугам, не кылайын?»- деп, кыялданып алып, кайра өз оюмдан өзүм коркуп кеттим. Кесир кылбайын дедим.

х х х

Күркүрөгөн күздүн ортосунда кыздуу болдук. Жашоо агымы өзүнүн күүсү менен өтүп жатты. Арадан өтүп, күндөр күн кубалап, кызым төрткө чыкты. Оюмда дале Мирбек. Аны эстесем чокко түшкөндөй «селт» этип аларым бар. Бешенем шор беле, жашоом эл катары болгон менен, жүрөгүм башка деп жашап калганын айт. Тумчугам, туйлайм бирок, чыгып кете албайм.

Жүрөктө жүргөн түйүнчөктүн сыры февралда ачылды. Үйдө олтургам. Эшиктен он төрт, он беш жашар бейтааныш бала кирип келип эле:

-Атам жокпу? – дебеспи.

-Атаң ким? Кир - дедим бейкапар.

-Атамчы. Бала жалтактай түштү.

-Аты ким атаңдын?

-Русланчы.

-Кандайча? Сурашын сурап алып, үнсүз калдым. Кимдир бирөө башымдан ылдый муздак суу куюп жибергенсип, ичиркенип алдым. Денем муздап кетти.

Эшиктен кирип келген кайненем,

-Ии, качан келдиң? - деди баланы жактырбагандай.

-Азыр эле - деди бала жер карап.

Жүккө катылган шибеге табылды. Ошол түнү Руслан экөөбүздүн чырыбыз, таңга чейин бүткөн жок. Башымдагы ойлор чамгарак болуп айланат.

«О, таш боор адам, неге жашырдың. Мага чейин эки ирет үйлөнүп, балаң он бешке чыкканын неге айтпадың?... Дагы кайсы сырың бар?...».

Ойлор токтобой агыла берди.

«-Эми, эмне кылам? Кайда барам?...Кызым экөөбүздү ким батырат? …»

Оозума келген сөздү кайра кайтарбадым, ал да мени аябады. Жаныбекти «оттон чокко, чоктон отко» салса Мирбекти …айталбайм …кайдасың? Кайдасың?...

Сөз деген менен, сөз сөөккө жетип, өзөктү өрттөп салды. Чыр токтогон жок. Эртеси үйгө кеттим. Эч кимди уккум келген жок. Жүрөгүм гана ыйлап, боздоп жатты…

«…Кайран гана беш жыл…Алып кет.» - деп сыздап жаттым. Бирок, менин үнүмдү, төрт дубалдан башка бир да жан уккан жок.

Үйгө деле батпадым. Ата-энемди көрүп, кайра артыма кайттым. Эч нерсе айталган жокмун. Апама болгонун болгондой төгүлүп-төгүлүп айткым келсе да, айталбадым.

Үйгө келсем эч ким жок. Жымжырт. Сүйүнүп кеттим. Ашканага кирип, кызымды чечиндирдим. өзүмдүн кийимдерим ички бөлмөдө болгондуктан, алып келе калайын деп төркү бөлмөгө өттүм. Эшикти ачканымда эле тамекинин сасык жыты «бур» дей түштү. Түшүнбөдүм. Төрдөгү диванда энеден туума жалаңач болуп Руслан, анын жанында тотугуп калган аял жатышыптыр. Стол үстүндө арак, кесилген колбаса. Үй ичи тамекинин түтүнүнө толуп, сасык жыт аңкып көз ачыштырат.

Тигилер менин киргенимди байкабаган адамдай беймарал жата беришти. Тоотуп да коюшкан жок. Бир азга туруп калдым. Артка чегинүүгө болбой калды. Алар тоотпогон соң, мен да үстүнө кирип барып кийимдеримди алып сыртка чыктым. Үн да катпадым. Ашканага кирип эле кызымды боорума кысып, олтуруп калдым. Алгач тоңгон муздай мелтиресем, кийин жамгырдай болуп жашым төгүлүп жатты. Сөз да, үн да чыккан жок. Тек гана жашым төгүлө берди, төгүлө берди.

Бир кезде тигилердин үйдөн чыгышкан кобур үндөрү угулду. Терезеге бардым. Экөө ээрчишип жолго чыгышты. Кандайдыр бир нерселерди айтып жаткан Руслан, тиги менен кол алыша коштошуп, үйгө карай жөнөдү. Узатып, коштошконун терезеден карап турдум.

Руслан үйгө кирип эле,

-Энеңди урайын, эшикти такылдатып кирсең болбойбу?- деп ызырынды. Мен да тилимди тарткан жокмун. Үйдө алай-дүлөй бороон башталды. Өмүрүмдө мындай урушту көргөн эмесмин. Көк ала койдой тепкилеп, үйгө кирип төркү бөлмөдө илинип турчу «Куран» китепти көтөрүп чыкты.

-Карма, Куранды кармап туруп ант кыл. Бүгүнкү көргөнүңдү эч кимге айтпайм деп сөз бер.

Руслардын тепкисин жегенче деп, ант кылдым. Болгондо да Куран китепти, ага кошо нанды, тузду кармап сөз бердим.

Түндүн тээ бир оокуму болуп калганына карабай, экөөбүздүн жаңжалыбыз бүтпөдү. Колумдагыларды алып,

- Кана, жат эми-деп зордуктай баштады. –Сага ушул эле керек болсо, жетет сага деле…чеч.

Кетенчиктей бергенимде, мойнумдан толгоп, колумду далым менен кошо басып, жерге ныгырганда көзүмдөн от чагылыша, «-Апа»- деп кыйкырдым. Руслан айбандык менен өз ишин бүтүрүп, мени кекете күркүрөдү.

-Жетеби? Болбосо…- деп жекире тиктеп сыртка чыгып кетти.

Араң зорго өйдө болдум. Колумдун зыркырап ооруганы болбосо, ачуу үстүндө анчалык билинген эмес. Көрсө, далым чыгып кеткен экен. Руслан үйгө кирип, диванга бой таштады. Ошол бойдон турган жок. Ойго же уктап жатканын билүү кыйын эле.

Ордумдан туруп, кызымды төшөгүнө жаткырдым да, жылуу кийинип алып сыртка чыктым. Кызым Миргүл соолуктап жатып уктап калган. Кычыраган кыштын бороону улуп, сампарлап жаап жаткан карды ары-бери учуруп жаткан. Түз эле чоң жолго чыктым. Биз жашаган үйдү жандап акчу каналдын боюн бойлоп, күн чыгыш тарапка бараттым. Оюмда өлүп алуу гана. Көзүмдөн аккан жашты улам жеңимдин учу менен аарчып коюп, кете бердим. Тумчуккан тумандагы сөздөр өңгөчүмө толуп, өзүнөн-өзү айтылып жатты.

«-О, апаке, атаке мени кайсы күнгө салдыңар? Мени ушул күн үчүн багып өстүрдүңөр беле? Жаныбекке жөн кое бербей, неге ушул акмакка макул болдуңар? Неге?... Карагылачы, «жиби жок байланып, бычагы жок» союлуп жатканымды? Не күндө калдым…

Кечиргиле, апа-ата! Силерге, эжеме өмүр бою ыраазы эмесмин. Эми кантип жашайм? Ошол күнү неге алып кетпедиңер экен?

Намыстандыңарбы? Кимден, эмнеден?... Түкүрдүм баарыңа. Тажадым бул жашоодон. Деги менин кимге керегим бар? Силерге да керек болбой калдымбы? Айткылачы?...

Ит, акмак! Сени канча ирет кечиргем, эми кечире албайм. Акыры сени да адам төрөгөн го. Канча ирет атыр жыттанып келдиң, канча ирет сай-сөөгүмдү жанчып эзип урдуң, баарына чыдадым го. Жалганбы, жексур. Ушуларым сага жеткен жокпу? Деги сага эмнем менен жаккан жокмун? Айтчы, айт акмак?...

Ушул да жашообу? Бул эмне деген жашоо? Менде, жүрөк жок дейсиңби? Неге ойлонбойсуң, акыры сени да аял төрөгөн го…

Оо, Кудай билем, өз күнөөм өзүмдө турат. Ошон үчүн да өзүмдү өзүм кечире албайм. Айтчы, оңой өлүм барбы? Бул кордуктан көрө өлүп калган канчалык артык…

Туура, Мирбек менен кезегинде кете албадым. Намыс кылдым. Силерди, бир туугандарымдын жүзүн жер караппайын дегем. Тагдырыма баш ийейин дедим. Көнүп кетермин, жашоо ушундай окшойт дедим…

Жаштык кылдымбы же силердин айтканыңарды чындык катары кабыл алдымбы, билбейм? Эгер жашоо ушул болсо, анда кечтим. Мага мындай жашоонун кереги жок, андан көрө өлгөнүм оң. Мейли, ушунча азап-тозоктон көрө, караңгы гөрдө жатсам да ыраазымын. Кечиргиле мени!

Өзүмдү-өзүм актай албайм, менде да толуп жаткан күнөө бар, чыгар. Туура, баш кошкон жарыма жан жолдош боло албадым. Өз керт башымдын кызыкчылыгын жогору койгонумду кантип жашырам. Өзүмчүлдүгүм, эски калдыктай болгон сүйүүмдү эңсей берүүм, бир төшөктө төрт адамдын жашоосу балким, керт башыма каргыш алып келсе келгендир. Бул үчүн кимден кечирим сурайм, кимден? Өзүмдөнбү?... Жүрөгүмдөнбү, Сүйүүмдөнбү? Кимден, кечирим сурайм?...Сагынычым, санаалашым «түнкү көпүрө» сага баратам. Кечир мени! Көзүм менен көргөн кордуктан, ички бугум чыкпай калганы үчүн кечир… »

Көпүрөнүн аркы өйүзүндө жашаган Асылбек карыя эшегин жетелеп өтүп баратып,

-Кызым үшүп калба - деди.

-Жок, үшүбөйм ата - дедим.

-Дагы келдиңби - деди.

-Ооба ата, азыраак турайын - дедим.

-Аа…- деп күңгүрөнө бир нерселерди божурап жолун улады. Кар болсо борошолоп жаап жатат.

Бул байкуш карыя, жан-дүйнөмдүн жанчылганын кайдан билсин? Жолун улап баратат, караңгылыкты жиреп. Каналдагы суу оргуштап, улам ала салып күңгүрөнө, сүрүнөн жанбай албуутанат. Көз ирмемдик жашоонун ага кызыгы жоктой.

-Кечиргиле! Түнкү көпүрө сен да кечир. Сага канча ирет келдим. Жашоомдун ар бир барагына сен гана күбөсүң. Эми бул сырды өзүң кат да, мени «көз көргүс, кулак укпас» шарга кошуп агызып жибер. Ушул азап, кордуктан кутулгум келди. Кош жарыктык, кечир мени…

Көпүрөнүн үстүнө чыгып, боюмду сууга таштоого умтуларымда, эмнегедир ичим «болк» дей түштү. Кетенчиктеп кеттим.

-Бул эмнеси? Боюмда барбы? Ушул ой башымды чулгап өттү. Ичим дагы кыймылдады.

-Кызым жалгыз, жалгыз калбашы керек. Ага шерик болсун, төрөйм - дедим.

«Атамдын сөзү кулагыма жаңырыктады:

-Бир уул төрөп алганыңда…»

-Чын эле уул болуп калсачы.

Өзүмдүн азыркы эле оюмдан кайра кайттым. Өлөм деген сөздөн, төрөйм дегенге өттүм. Негизи жан таттуулук кылды. Таң супа салып калган эле, үйгө келе жаттым. Өзүмө–өзүм дем, кайрат берип, чыйралып жаттым.

«-Эркектер баарыңар бир гөрсүңөр. Эми мени эч качан кызыктырбайсыңар, силердин акмакчылыгыңар, жүзсүздүгүңөргө эки дүйнө ыраазы эмесмин. Кечирбейм, кечире да албайм. Ушул күнгө чейин эч кимдин «көзүнө чөп салбай» келдим, дагы эле салбай. Өмүрүмдүн акырына чейин таза жашагым келет. Жашоого кудуретим да жетет.

Акмак, корпо сен. Эч качан бетиңе бут койбойм. Көөнүң ток болсун. Сеникин бирок, кечире албайм. Колумду толгоп иттей кандырган кумарың түк эсимден чыкпас. Канчалык өзүмдү таза, тунук сактасам, сени ошончолук жек көрөрүмдү унутпа.

Мындан ары эркекче жашайм, жашай да алам. Эл алдында эмес, Кудай алдында таза болсом болду. Жетет, ошол өзүмө. Актангым да келбейт  Мирбек, сен да кечир мени. Сенин айтканыңды убагында кыла албаганым үчүн, өзүмдү да өмүр бою кечире албайм. Бирок, сен кечир…»

Үйдүн босогосун аттап киргенимде, таң аппак болуп атып калган эле.

x x x

Жашоо күн өткөн сайын кунарсыз, ишенимсиз күндөр менен коштолуп олтурду. Чыккан далым салынып, ант алган күндөн бери

Руслан өзүн ээн-эркин сезип, оюна келгенин кылчу болгон. Акыркы күндөрү буга деле көнүп калдым. Суз дүйнөдө ысык жүрөк музга айланып, эл көзүнө «бактылуу үй-бүлө» болуп, ички жашоо ыдырап, жылуусу жок көрпөдөй эле болуп калган.

Ай өткөнгө ичим кадимкидей билинип калды. Жаап-жашырганга деле болбой калган. Августун аптаптуу күнү, атамкына бардым. Бул кезектеги чырдын ачуусунан таарынып келгеним болчу. Апам айланып-тегеренип, көзүмдүн агы менен айланса да, чын сырымды айталбадым. Жашырдым.

Келгениме бир жума болуп калган. Капилеттен Мирбекке көчөдөн кезигип калдым. Турмушка чыккандан берки биринчи жолу бири-бирибизди көрүшүбүз эле. Кыйла сүйлөшүп калдык.

-Жашооң кандай? - деди. Токтоно албадым. Ансыз да бугум толуп, жарыла албай тургам. Ыйлап жибердим. Ал мени сооротуга аракет кылып көрдү бирок, токтото албады.

-Жүр, асылым. Азыр деле кеч эмес, алып кетейин. Үйлөнө элекмин. Мурун жүрөгүңө кулак салбадың, аны деле түшүнөм дечи. Жүр кетели - деди.

Эч нерсени ойлонбой туруп макул болдум. Үйгө кирип кызымды кийиндирдим. Анан өзүм кийиндим. Апама да эч нерсе айтпай сыртка чыктым. Мирбек көчө башында күтүп турган.

Үчөөбүз Мирбектин машинасында бараттык. Ал да, мен да, үнсүз. Машинанын айнегинен сыртты карап бараткан менен, көзүмө эч нерсе көрүнбөдү. Ойлорум биринин артынан бири кубалашып, жүрөгүмө тынчтык бербей келет… Жол… Аска-тоо… Үнсүздүк… Эркиндик… Кең дүйнө… Эңсеген адам… Ойлор көңүлүмдө көчүп жатты… Сансыз суроолор, табылгыс жооптор…

Мирбек:

-Кызың ушунчалык ширин экен.

-Менден дагыбы?

-Эгер сенден дагы десемчи?

Унчукпай калдым.

-Атын ким койгон?

-Өзүм. Байкабадыңбы, Миргүл, Мирбек.

-Байкабай эмне, билгем, ырахмат.

Андан ары сөз уланбады. Мирбектин анда-санда мага көз кырын салып баратканын сездим. Кызым болсо уктап жатат. Ал бул дүйнөнүн азап-тозогунан, аң-дөңүнөн бейкапар.

Ойлор…ойлор…Жан-дүйнөм будуң-чаңга аралашып, сансыз ойлордун кучагында калдым. Жүрөгүмдө кандайдыр бир түпөйүл ой

түйүлүп туруп алды, чечилер түрү жок. Уламдан-улам көкүрөгүм керилип, өзүмө-өзүм батпай бараттым. Мээм да чыңалып чыкты.

Мирбек да ойлорумду бузбайын деди окшойт, үнсүз келе жатты. Анда-санда берген суроолоруна кыскыс-кыска жооп бергеним болбосо, жалаң тарам жолдой болгон ойлордун кучагында калдым. өзүмдү-өзүм кармай албай, Мирбекке ачуу кыйкырдым.

-Токтот, артка кайтабыз.

Машина катуу ылдамдыкта бараткан, бир силкинип алып акырындап жол жээгине чыгып токтоду.

-Эркайым, сага эмне болду? Мирбек акырын үн катты.

-Артка кеттик.

-Токтосоң, Төө-Ашууга келип калдык. Ашууну ашсак эле Бишкек. Эмне болду, айтчы деги?

-Кереги жок, артка кеттик. Үйгө барышым керек. Андан ары сүйлөй алган жокмун. Көзүмдөн аккан жаш салаалап төгүлүп жатты…

Мирбек сыртка чыгып, тамекисин түтөтүп ары-бери басып келди да, мен олтурган айнек жакка өтүп,

-Чын эле кайра кайталыбы? - деди муңайым.

-Кайталы - дедим, чарчаңкы үн менен.

Мирбектин сүйлөгүсү келгенин, бир нерселер жөнүндө айткысы келип турганын сездим. Бирок, ал дагы чечилип айта алган жок. Чыны укпайт да элем. Машинасын артка бурду да, баягыдай ылдамдата айдаган жок, жай келе жаттык.

-Мейли, балким бул да жазымыштын жазганыдыр. Кыялымдын бир үзүмү орундалганына ыраазымын. Ушул машинаны алганда, сени жок дегенде бир жолу салып айдасам деп тилеген элем. Кыялым ишке ашты. Аз болсо да көңүлүмдө калдың. Сага кылдай да арам оюм жок, таза бойдон калганга не жетсин? «Көңүлдүн арамы - сүйүүнүн булганычы» дешет.

А мен өз сүйүүмдүн таза сакталышын каалайм. Сезимдер таза акактай болгону жакшы эмеспи. Эгер ушул бойдон көрүшпөй калсак да, жүрөктөр жылуу бойдон калсын. Колуңдан келсе кездешип турганга не жетсин бирок, үй-бүлөңдү бузуп, балдарыңды атасынан бөлгүм келбейт. Бактылуу болушуңду тилейм.

Мирбектин көздөрүнөн жаштардын куюлуп турганын көрдүм. Бул жаштар өкүнүчтүн, ызаалыктын жаштары экенин айттырбай эле билип турдум.

Бараткандагы узак жол, кайра кайтканда ушунчалык кыскарганына өкүндүм. Дагы бир аз узара түшкөндө болбойт беле?..

Үйдүн жанынан түшүп калдым. Негедир коштошподум. Кызымды боорума кысып, ички кайгы-арманымды, азабымды өзүм менен кошо көтөрүп, үйгө кирдим.

Апам уктай элек экен.

-Каякта жүрдүңөр?- деди.

-Гүлайдыкына барган элек.

Калп айттым.

x x x

Өмүрдүн өктөмдүгүнө айла жок тура. Сентябрдын ортосунда уул төрөдүм. Үй ичине жарык кирип, жашообуз жандана түштү. Мурункудан ызы-чуу азайып, өзүбүзчө үй көтөрүп чыктык. Жыл айланбай кайненем о, дүйнө салды. Жашоонун кереметин көр. Өлүм алдында энем, кылган күнөөлөрүн сезгендей акыркы ирет өзүнө чакырып:

-Балам, бул үйдүн куту сенсиң, кете көрбө. Сен кетсең ордолуу очок бузулат. Кечиримдүү боло көр. Жаштыгың эселегиң. Сен да карыйсың,ошондо билесиң. Жарыктыктын таттуулугун айт. Не күндөрдү көрбөдүк- деп оор үшкүрүнө жан берди. Аны өз колум менен узаттым.

Жылдыгын өткөрдүк. Өлүмдүн «чачам» - дегени акыйкат белем, кыйла бөксөртө койду. Кайнатамдын да жашы өйдөлөп, энем барындай болбой калган. Ортого ой таштап, сырттан киреше алып келүүгө токтолдук. Ошентип Руслан экөөбүз, кичинекей наристебизди алып, борборго жер иштетүүгө жөнөдүк.

Чүйдүн жазын жер айдоо менен тостук. Ижарага алган жерге помидор эгип, жай жайлата бешене тер төгүп, тынбадык. Эгин талаасы көз жоосун алып, берекелүү күз эми гана берекесин берерде, Руслан экөөбүз келише албай, таарыныша кеттик. Мен ошол жерде жашаган инимдикине келе бердим, наристемди таштап. Рустамды мынчалыкка барат деп ойлогон эмесмин. Көрсө ал, мен кетер менен ижарага алган жерди, бышып турган мөмөсү менен сатып жиберип, ошол эле күнү баланы алып үйгө баса бериптир.

Эки күндөн кийин барып Русланды да, баламды да таппай калдым. Ичим туз куйгандай ачышып турду. Не кыларымды билбей калдым. Русландын буга чейин кылып келгендерин кечирсем да, бул ирет кечире алган жокмун.

Ошол жердин өзүндөгү тигүү цехине ишке кирип, а түгүл тагдырымды түп тамырынан бери өзгөртүү үчүн, эрге да тийип алдым. Бирок, бул жөнүндө эч кимге айтпадым. Тилекке каршы бул оюм көпкө узабады. Эжем келип тилектеримди тилке-тилке кесип, атамдын үйүнө алып келди.

-Бул ишти менден башка жан адам билбейт, «жабылуу аяк жабылуу бойдон калсын». Андан көрө ордолуу ордуңа, балдарыңа бар. Бул жерде да көпкө турба, ансыз да бир айдан ашып кетти - деп эжем, эртеси эле мени үйүмө жөнөтүп жиберди. Ансыз деле балдарыма болгон сагыныч, кусалык денеме батпай араң жүргөм. Жүрөгүмдө түркүн сар-санаа, кыжалатчылык турганына карабай жолго чыктым. Жол бою түркүн ойлордун кучагында келдим бирок, сыр бербей үйдүн босогосун аттап кирдим. Мени эч ким тосуп алган жок. «-Кел» - деген да адам болбоду. Айыбымды билип калышканбы деген ой бир ирет денемди аралап өттү. Өзүмдү-өзүм кармап, уюган көктүгүмө салып, үйгө кирдим. Жолумду эч ким тоскон жок.

Кызым менен балама ичимден элжиреп, боорума басып сагынычымды тараткым келип турду. Бирок, экөөбүнүн бири да мага карап, «апа» - деп келишпеди. Кызым качып эшикке чыгып кетсе, балам эч нерседен бейкапар оюнун улап, мага карап да койгон жок. Үйдөгүлөрдүн түрү бузулуп, азыр үн катсам, катуу жаңжал болуп кетерин билип турдум. Андыктан мен да үн катпадым. Көңүлүм балам менен кызымда болду. Бир кезде кызым эшиктен жүгүрүп кирип, үйгө кирди.

-Кел – дедим кызыма, боорум эзилип - мен апаңмын го.

Кызым башын чайкап,

-Сен апам эмессиң, сен бизди таштап кеткенсиң, эми бизди таштабай турган апа келет. Ал атасына ыктап, эшикке чыкты да, ошол бойдон көрүнбөй койду. Баламды чакырдым, ал бир обдулуп барып чоң атасына жакын олтуруп, мени жал-жал карап келалбады.

Чоң атасы да:

-Бар апаң - дебеди.

Эмне кыларымды билбей калдым. Ордумдан шарт туруп, кечеги тийип алган эриме кайра барып алгым келди. Эжемдин айткан сөздөрү кулагыма жаңырыктап, ички ар-намысымдан гана тура албай турдум. Уктоочу бөлмөгө араң кирдим. Ич ичимден эзилип ыйлап жаттым. Мени сооротуп, көңүлүмдү көтөргөн да адам болбоду. Түн кирип эл оор уйкуга кирген убак. Эки адамга салынган төшөктө жалгыз таң атырдым. Руслан келген жок. Өзүмдү, тагдырымды, жашоомду каргап жаттым…

Эртеси мурдагы кылып жүргөн ишиме аралаштым. Эч кимиси үн катпады. Түшкө барып балдарым мага үйүр алып, кучагымды толтуруп, жоготкон бактымды кайра таптым.

Түштөн кийин суу алганы каналга баргам. Кошуна келин суу алып жаткан экен, мени көрүп чочуп кетти.

-Ой, келип калдыңбы?

-Келем да. Беймарал учураштым.

-Келиңиз… мукактана калып, анан: - Мени айтты дебеңиз, сизди келбейт экен, эми Русланды башкага үйлөйбүз дешип жатышкан. А түгүл тиги коңшулаш айылдан бир келинди табышыптыр деп да уктук эле.

Бул сөз башыма «балта болуп чабылса да» сыр бербей, тиги келинге:–Ала берсин, эки үйгө эки аял керек да- деп күлүп койдум.

Үйгө келгинче бүткүл денем алоолонуп чыкты. Өзүмдү коерго жер таппай турдум. «-Эмне дейм…Кимге айтам?...өзүмчү?...Жан-дүйнөм оодарылып, ызам ичиме батпай, жарык күндүн караңгылыгын эңсеп турдум. «Асман алыс, жер катуу» эле. Мен ким болдум? Эми мурдагы Эркайым боло албайм. Бардык нерсемди жок кылдыңар, тебеледиңер, тепседиңер. Ичим толуп болду, эми кантип кечирем? Бул не деген жашоо болду? Эх, мени түшүнбөгөндөр… Эми менде не калды? Акыркы үмүттүм үзүлүп, тирегим жыгылдыбы? Канча жылдардан бери куру кыялдар менен жашап жаттым эле. Эми алар да калбады. Бул күндөрдү тиги как баш, санда жок иниң экөөңө кантип түшүндүрөм? Акыры мен деле адаммын го, менин деле бактылуу жашоого акым бардыр…»

Ойлоп оюма жетпедим. Күн бою сендиректеп басып жүрдүм. Кызымдын туулган күнү болчу, эсиме кечинде келди. Колумдан келишинче туулган күнүн белгилеп бердим. Үйдө үчөөбүз эле болдук. Руслан бул күнү да келбеди. Салынган төшөктө өзүм жалгыз жаттым. Санаамда сансыз ойлор.

«…Кызым, бүгүн Сенин туулган күнүң. Бирок, ойдогудай өткөрүп бере албадым. Бул күндөрдү иниң экөөңө кантип түшүндүрүп берер экен? Силердин бактыңар үчүн күрөшүп, ушул күнгө чейин келдим. Атасыз койбоюн дедим. Дагы канчага чейин чыдаар экем? Не болгон күндө да, «атаңардын» жамандыгын көрбөсөңөр экен, билбей өссөңөр болду. Силер деп канча ирет кан какшадым. Анын баарын силерге кантип айтам, кантип түшүндүрөм? «Жамандыгын жашырып, жакшысын чыгарам» - деп өзүмдү-өзүм отко-чокко салганымды качандыр бир кезде билер бекенсиңер?…»

Ойлорго эмнелер келип, эмнелер кетпейт.

Чакан столдун үстүндөгү жасалгалардан даам таткан кызым менен уулум, «ДВДни» коюп алып бийлеп жатышты. Эч нерседен бейкапар, дүйнө бүтүн, балалыктын алтын доору.

Оюма дагы бир нерсе түшө калды.

Бул ДВДни Мирбек сатып бербеди беле, «эстелик үчүн»- деп. Аны өзүм алдым деп айткам. Ушул буюм негедир көзүмө жакын. Өтө аярлык менен сактап келем.

-Эх, чиркин жаштык кез, өткөн учур, жок дегенде көз ирмемге болсо да кайрылып келсең не?... Өткөргөн өмүрүм көз ачып жумганча түш болуп калса кана… Болбойт го эми.

Мирбек кайдасың? Азыркы акылым ошондо болгондо, эч качан артыма кайрылбайт элем. Эми болбой калды го, ичим азыр да туз куйгандай ачышат бирок, айлам канча? Не кылайын?...

Сансыз суроолордун, түркүн жооптордун түрмөгүн ойлонгон менен, тагдырдын таш кесесинин сыныгын кармап олтурдум.

x x x

Жашоо улана берди. Русландын акыркы күндөрү үйгө түнөбөгөнү бир чети кыжырымды келтирсе, бирде сүйүнөм. Күн түнгө, түн күнгө айланып жатты. Экөөбүз бири-бирибизге ачык айтпаган менен, жүрөктөр муздап, муздак дубалга айланып, акырындык менен үй-бүлөлүк ички катмар урай баштаганын билсек деле, сыртыбыздан сыр бербей баягыдай эле жүрдүк.

Тууган-уруктун той-ашы, өлүм-житиминен калбай, колдон келгенде берип, «кошумчасын» кошуп турдук. Русландын жакын эле акеси кызын чыгарып жаткан. Той убарасы ошончо эмеспи, көйнөк-көнчөк жетпей базарга баруу керек болуп калды. Кайнагам колунда бар, байлыгына манчыркаган киши эле. Уруу башчысы катары да урматты бар болчу. Анын сөзү эки болгон эмес. Бул кысталышта анын өктөм үнү угулду?

-Эркайым экөөбүз барабыз. «Тил билги келин» деп мени өзүнө кошуп алды. Жол бою «эмне керек, эмне алуубуз зарыл»- деп сүйлөшүп бараттык. Машинада экөөбүз, мен алдыдамын. Анча бийик эмес музыка кайрыгы бизди коштоп барат. Базарга жеттик. Аларыбызды алып, үйгө жөнөөрдө, кайнагам,

-Чай ичип албайлыбы– деп калды. Чайканага кирип, тамактанып чыккандан кийин, -Сен машинага барып тур, мен азыр барам– деп кайдадыр кетти. Кыйла күтүп калдым. Үйгө тезирээк кайра баруу керек эле, шашылып жатканбыз. Келе бербеди. Айылдын абыройлуу адамы да, бирөө жарым жолугуп калып кармалып калгандыр деп коюп, мен да отура бердим. Күн кызарып батканы баратат, барар жерибизге кыйла бар. Ичимден «чый-пыйым» чыккан менен, той ээси өзү минтип жүрсө, эмне кылып алмак элем. Анын үстүнө жол алыс, аны өзү деле билет. Бир кезде шашкан болуп келип калды.

-Кармалып калбадымбы. Колунда кара пакет, ичинде кагазга оролгон бир нерсе бар экен. –Дагы бир кемчилигидир - деп койдум. Отуруп эле машинаны жандырып жолго чыктык. Бир аз жүргөндөн кийин эле, арактын буруксуган жытын сездим. Өзүмчө:- Ичирип коюшуптур да - деп койдум. Андай эле кызуулугу билинбеди. Тек гана

жолдон чочуп, -ичпесе болмок экен - дедим ичимден. Ары-беркини сүйлөп келе жаттык. Бир кезде машина акырындап жол четине токтоду.

-Эмне болду? - дедим.

Кайнагам беймарал. Анын токтоо жүзүн көрүп өзүмдү бастым. Күн батып, күүгүм аралашып калган. Талаа ээн. Анда-санда гана жарыгын күйгүзгөн машиналардын чоң жолдон өткөнү болбосо, талаа жымжырт. Машинанын артына колун узаткан кайнагам, баягы кара пакетин алып чыгып:

-Эркайым, экөөбүз кеңири сүйлөшүп алалычы- деди.

-Эмнени? Айта бериң?

Кара пакетти ортого койду да, өзү да оңдонуп олтурду.

-Жашооңорду деле билем. Бир аз кыйналып жаткандайсыңар. Колдон келгенче бир аз каралашып турсам деген элем. Кол тийбей эле…- деп баратып, колумдан кармап:

-Сен деле туура түшүн, келиндеримдин ичинен сени өзгөчө жакшы көрөм. Бул сага менден. Кара пакетти алдыма жылдырды.

-Бул эмне?

-Анан билесиң. Эркайым көптөн бери сыртыңдан көз салып, эч ыгын таппай жүргөм. Мына учур да табылды. Ээн-эркин сүйлөшүп алалы. «Эл ичкенди ичип, эл жегенди» ким жегиси келбесин. Эгер кем-карыч болсо тартынбай айта бер. Акча болсо акча деле бар. Болгону экөөбүздүн ортобуздагы сөз ушул жерде калсын, жеңең билбесин.

Ал арткы орундукка өтүп, мен бурчка кысылып калдым. Колун мойнума өткөрүп, оозун бетиме жакындатып келе жатканда, анын бетине колум кандай чабылганын өзүм да сезбей калдым. «Шак»- дей түшкөн үн экөөбүздү тең селейте койду.

-Уялбайсызбы? Чоң эле адам болуп туруп, кылганыңызды караң. Сизди ким депутат дейт.

Жаагын укалай,

-Анын эмнеси бар экен, көңүлдөш болуп жүрсөк жаманбы?

-Кантип бир тууГандай көргөн иниңиздин аялына көңүлүңүз бузулуп барды. Уятсыз…

Үнүм өктөм да, заардуу да чыкты.

-Кана айдаң машинаны, ордуңузга өтүп, болбосо түшүп деле кетип калам. Сизден келчү жакшылык ушул болсо, анда башкадан үмүт кылуунун деле кереги жок болуп калыптыр да.

-Эркайым.

-Болду. Сөзүңүздү укпайм. Айдайсызбы же?..

Ал ордунан бошоң туруп, рулга олтурду. Жол бою сүйлөшпөдүк. Каным кайнап, кыжырым келип, толуп-ташып турдум.

«…Буларды эмне деп айтса болот? Кайнимдин кылганы көңүлүмдө көк таштай уюп кетпей жүрсө, эми мунусунун асылганына не дейин? Балким, булардын укум-тукуму ушинтип өтүшкөн чыгар…

Оо, тукум курут болгур маңкурттар, силердин адамдык насилиңер кайда?...» Жан-дүйнөмдө бороон чапкын башталып, сезимимдерим селейип, адамдык улуулуктан куру жалак калган акыркы пенде болуп, туңгуюк ааламды тааный албай турдум…»

Экөөбүз тең мелтиреген бойдон үйгө келдик. Кайнагам жүктөрдү алып берип жатып, мага акырын шыбырады.

-Жеңеңе айтпа, билбей эле калсын.

Ага «жалт» карадым да, колумдагы жүктү көтөрүп үйгө бастым. Той ортолоп калган кезде –ооруп жатам - деп өзүбүздүн үйгө келе бердим. Руслан ошол жерде калды.

Эки күн өткөндөн кийин Руслан келди. Келип эле,-Россияга барам, акем жол кире бере турган болду-деди.

-Качан сүйлөштүңөр?

-Той алдында. Кийим-кечегимди даярда, чогуу кете турган балдарга барып айтып келейин. Жол кире тапсаң эле болду дешкен - деп шымаланып алыптыр.

Ооз учумдан «-макул, даярдайын» - деген менен, акча алалбасын айткым келген жок. Аны жүрөгүм дароо эле сезди. Көрсө, акесинин арам ою алдын-ала түзүлгөн тура.

-Сен каалагандай болбойт- дедим ичимден.

Русландын кийимдерин даярдап койдум. Эртеси урук-туугандары менен коштошуп келди. Кечинде акесинен акча алып келип, эртеси жолго чыкмак. Жолго керектүү буюм-тайымдарын даярдап коюп күтүп олтурдум. Арам ойдун акибетин көргүм келди.

Руслан акчаны алып келгени барып, мостойуп келди. Бирге кетер балдарынан калып каларын айтып, аргасын таппай турду. Анын үстүнө ар-намысы жанын көзөп, «денесине түк чыгып», ал азыр баарына макул болоруна көзүм жетип турду. Болгону акча табылса эле болгону…

Ал акчанын азабы менен аласалып жатса, менин ич кайгым такыр бөлөктө эле…

«…Балким, сени акыркы ирет узатып жаткандырмын. Экөөбүз эми такыр бет келбестирбиз. Көңгөн адатыңа салып «жакшы, жаман» сөздөрүңдү «балп» эттире айтып, ооруп жүргөн жүрөгүмдү ого бетер күйүктүрүп салганыңды билбестирсиң. Көз алдымдан кылымдын кыйыры өтүп, өзүм үчүн жашаган бир күнүмдү карегиме илиндире албай, бош чаначтай өткөн күндөрүмө бир ирет назар салдың бекен? Салганыңа ишене албайм. Жалаң гана балдарым деп жашаганымды сен

кайдан билмек элең? Бүгүн сенин аталык жүрөгүң, эмнелерди ойлоп туру экен? Не үмүттөр менен баратсаң да оюң кабыл болсун. Жакшы бар балдарымдын атасы, жолуң ачылсын, сага бак тилейм.

Сени, эми көрө албастырмын. Балдарымдын гана айласыздыгынан кармалып турам…

Билем, сенин деле мага деген жылуулугуң жок. Болбосо, алыскы сапарга аттанарыңда жакшы сөзүндүн бирин арнамаксың. Антте албадың. Сени менен жашай албасымды билсем деле, сага ак жол тилеп, ак батамды бергим келди. Канткен күндө да сен балдарымдын атасысың да… »

Түндөп эжемкине бардык. Үстөк пул алып, кайра түндөп келдик. Эртеси жолго чыкты. Узатып калдым. Таң үрүл-бүрүл болчу. Үйгө киргенимде балдар эч нерседен бейкапар уктап жатышкан. Ойготподум, ойлуу олтурдум.

«…Ушулардын бактысын жарты кылбайын деп, канча ирет жүрөгүмдөн кан кустум, канча ирет жанчылдым. Бирок, булар кайдан билмек эле? Оо, анын кадыр баркына жеткенче качан? …»

x x x

Руслан кеткенден кийин, эки ай өтүп, баягы кайнагам уулун үйлөдү. Тууган-урук менен бардык. Той өтүп жатты. Кайнагам улам мени карап, бир нерсе айталбай жатканын туюп, билип турсам да, ага такыр жандабай койдум.

Күн кечтеп калганына карабай, шылтоо таап жолго чыктым. Кандай болгондо да ушул үйдөн чыгып кетүүм керек эле. Негедир өзүмө-өзүм батпай койдум. Же өткөндөгү окуя ушунчалык жүрөгүмө катуу тийген белем. Иши кылса бул жерде калгым келбеди. Жолго чыгып эле, алгач көрүнгөн машинага кол көтөрдүм. Ал өтө берип токтоду.

-Мени ала кетиңизчи?

-Каякка?

-Шамалдуу-Сайга чейин.

-Отур - деп алдыңкы эшигин ачты.

Айдоочуну бир карап өттүм. Орто жашта экен. Чачтарына ак аралап, токтоо экени дароо эле көзүмө түштү. Сүйлөшүп бараттык.

-Каерден болосуң?

Туулган жеримди айттым. Айдоочу шашпай:

-Бир кезде мен да ошол айылда жашагам. Жолдош деген бар эле таанийсыңбы?

-Билем, туугандарыбыздан болот.

-Көрүп калсаң салам айтып кой. Мени унутуп деле калышкан чыгар. Фарида деген татар, Батма, Кубаныч дегендер бар эле. Алар

очор-бачар болуп, кыйла карый түшүшкөндүр. Класcташ курбу-достор элек…

Экөөбүз тез эле ымалаша түштүк, сөзүбүз бүтпөй, түшө турган жериме жакындаганда, айдоочу:

-Таш-Көмүргө чейин бара бер, андан ары деле машина тынбайт. Эгер болбосо, жеткирип деле келермин - деди. Дароо эле макул болдум. А түгүл таанышып да алдык. Аты Адыл экен. Экөөбүздүн сөзүбүз көбөйдү. Шаарга кире бериштеги дүкөнчөгө кирип, колуна пакет алып кайра чыкты. Машинага олтуруп жатып:

-Көңүлгө туура келип калдың, анын үстүнө жалгыздыктан сырдашып сүйлөшөр адам жок кыйналып келе жаткам. Макул десең, бир аз чогуу отуралы.

-Кеч кирип барат да.

-Андан кам жебе. Сары жоргом соо болсо, далай жерди кыдырарбыз.

Ошентип Кызыл-Жардын белине келдик. Жаз илебинин алгачкы шарапаты болсо керек, көк чөп жер жарып, кылайып бараткан күн илеби кызыл топуракка аралашып, тоо бетинин артында калды. Муздак жел сыртта денени ичиркенткени менен, машинанын ичи жылуу болчу. Адыл сыртка чыгып, кериле-чоюлуп ары-бери басып, чылымын күйгүздү. Көк чөптүн башын жулуп мурдуна басып, ырахаттана:

-Өскөн жердин кереметин кара. Атажурттун ар бир көзгө көрүнгөн нерсеси кымбат, ыйык экенин кимдир бирөөлөргө кантип айтып түшүндүрө алар экем? Ушул карыш турган жерге келе албай, өмүрүм өксүк менен өтүп жатканын ким кантип түшүнөт? Акыры ар бир үйгө кирип айта албайсың го…

Адылдын кылыгына күлкүм келди.

-Эмнеси бар экен? Күндө эле көрүп жүргөн жер да…

Кум, таш аралашкан ушул жерде кайсыл керемет да, кайсыл ырахат - дедим ичимден.

Ал муздак абадан кере-кере жутуп, көкүрөгүндөгү оюн көмүскөгө катып, машинага кирди.

-Кел, бир аз шам-шуң этип алалы - деп азык-оокаттарды алдыга койду. Пакеттеги аракты алып, желим стаканга бөлүп:

-Кана бирден алалы, таанышканыбыз үчүн - деди.

-Арак ичпейт элем.

-Эмне, анда вино алып келе калайынбы?

-Коюң эми…

Күлкү, сөз улам уланып жатып, түн киргизип жибердик. Адылдын ак көңүл, жумшак мүнөзү сырткы келбети менен эриш-аркак

болуп, ички дүйнөсү төгүлүп-чачылып, жан сырын чын дили менен күйүп-жанып айтып жатты…

Мен аны бир көргөн адамга мынчалык төгүлүп-чачылып айтып берет деп ойлогон эмес элем… Үй-бүлөсү менен ажырашып, учурда бой экенин да айтты. Адылдын ак көңүлдүүлүгү, ишенчектиги, дүйнөгө болгон көз карашы сүйлөгөн сөзүнүн орундуулугу өзүнө тартып турду. Сөзүнүн жалганын байкабадым.

Ага азыр үй-бүлө куруу, аба менен суудай керек экендигин түшүндүм. Ага аял затынын назиктигин, ыйыктыгын, туруктуулугун, тазалыгын колумдан келишинче бийик көрсөтүүгө аракет кылайын деп ойлодум. Бирок, экөөбүздү салыштырууга болбойт эле. Тараза ташы кандай болгон күндө да Адыл тарапка ооп түшмөк. Бул айныгыс чындык болчу.

Жүрөгүмдү жүдөткөн сөздөрдү айткым келбеди. Митаамдык кылдым. Чындыкты жаап-жашырып койдум. Ушул түн мен издеген бакыттын эшигин ачкандай болду. Караңгынын жарыгын, тар дүйнөнүн кеңдигин, азаптын ырахаттын колума ачык, даана салып берип көзүмдү ачкандай болду. Таңды мен мынчалык ырахат менен, көп жылдардан бери тосо элек элем. Көзүмө жашоо улуу кереметтен куралгандай сезим калтырды. Адылдын жанынан кетким келбеди, коштошуп кетсем, кайра жолукпай калчуудай болуп, анын жүзүнө аяр көз салып отура бердим.

Адыл уйкудан көзүн ача элек. Таңкы сыдырым желден ичиркене, анын төшүнө башымды коюп алып, дүйнөнү «чарк» айландыра, кыялымда чалкып жүрдүм. Ал дагы деле таттуу уйкуда, ойгонор түрү жок. Жумулган көздөрү кара кашына жарашып, ак бубак чачтары алп денесине чак туруп, бырыш баскан пешенесиндеги жолдор тарам-тарам болуп, толмоч денесине уюган коргошундай сымбат-салмагы ушул гана адамга таандыктай, башкага түк жарашпастай сезилип кетти. Үнүнүн коңгуроолуугу, сөзүнүн оор басырык менен чыгышы, аны ого бетер бийиктикке чыгаргандай.

-Билимдүү баары бир башкача болот тура – деген ой сезимимди сыдырып өттү.

Эл, жер кыдырып, жашоонун миң кырдуу татаал ашуу-белестерин чабыттап, ага саресеп салып талдоо ар бир эле инсандын колунан келе бербес. Тагдырыма кезиккен ушул адамды өз ордуна коюп, жанында жаркылдаган жар боло алар бекем?- деп жүрөгүмдөн, өзүмө-өзүм суроо берип жаттым…

Адыл экөөбүз ошол түндү керемет дүйнө деп эсептедик.

Ошентип, эки-үч ай өтпөй турмуш курдук бирок, көпкө созулбады. Өзүмдүн кежирлигим, көктүгүм, анан Руслан менен бирге

жашаган акыркы күндөгү үйрөнгөн бейжайлыгымды кармата бергеним да буга себепкер болду өңдөнөт.

Адыл менен чындап жашап калууну ойлонбодум. Менин негизги оюм, Руслан алып кеткен үстөк пулду ордуна коюп, эжемдин алдында «-мына, мен деле акча таап, андан калышпадым го»- деп бийик болуп көрүнгүм келди. Бул учурду Адылдан пайдаландым. Анын машинасын саттырып, анын акчасын эжеме Адылдын өзүнөн салдырып жибердим.

Адыл муну чын дилинен жасады. Мен Адылдан кетким келди, анын жөн эле кетирбесин да билип жүрдүм. Себеби, Адыл мени өз никесине алып «адалдап аял» кылганын кантип жашырайын. Анын мени менен жашайт деген ойлору улам терендеп баратканын туюп, менден көңүлү калсын деп, Адылдын өзбек досу менен да кетип калып жүрдүм. Бул менин айлакерлигим болчу.

Балдарым деп боздоп-сыздап ыйлап, анын айласын далай ирет кетирдим. Бул менен эле жөн калбай, Жаныбек менен да ал жокто сүйлөшүп, андан акыл-кеңеш сурап да турдум. Капыстан ал барда телефон чалса, эшикке чыгып сүйлөшүп, Адылга үйдөгүлөр чалды деп алдап койчумун. Акыры максатыма жетип, Адыл менен да ажыраштым. Россияга кетип кутулдум.

Ажырашын ажырап алып, не бир түркүн ойлор башыма келип-кетпеди дейсиң. Адамдын кыял, ой-санаасы заматта жер жүзүн кыдырып чыгат эмеспи. өкүнгөн күндөрүм да болду. Россияга барам деп, атам өткөндө келе албадым. Жылдыгында араң келдим. Апамдын көңүлүн көтөрөйүн деп алтын-күмүш алып бердим. Ал деле дүйнөмдү толтурбады. Кызым менен уулум ошол бойдон атасында калып, мен тарапка бут баспады. Россиядан келип Бишкекте жүрдүм. Чеберчилигим жанымды бакан менен бактымды бага алган жок. Атамдын төрүнө кайра бара албадым. Бир ирет шаардан Адылга жолугуп калдым. Ал менин абалымды көрүп:

-Жүр, менин айылыма баралы. Сага үй-жай салып берейин. Жашың да өтүп калды - деп ушул жерге алып келген. Ошондон бери ушул жерлик болуп калдым. Адыл анда-санда келип кабар алып турчу, акыркы жылдары такыр дайынсыз болуп кетти. Мен Россияга кеткенден кийин үйлөнүп, бир кыздуу болгон деп уккам. Ошондон бери дайын дарегин да билбей калдым. Билгенде эмне кыла алат элем? Акыбалым ушул болгон соң. Ал акыркы ирет ошол сен турган тарапта үй-жай күтүп, жашайт деп уккан элем, ошону билесиңби? - деgenим деп, баянынын соңуна чыкты.

x x x

Эшиктеги кобур үндөрдөн улам сыртка чыктым. Апам менен чоң жеңем экөө экен.

-Ай, ии. Өскөн келип калган турбайбы- деп жеңем созолонуп кое берди.

Апам жалынып – жалбарып болбой калды.

-Качан келдиң?

-Кечинде эле келгем.

-Садагаң кетейин, чай ичтиңби?

-Ичтим апа.

-Ичтим деп коет. Сага ким чай берди дейсиң. Ой, келин чай кой.

Биз жанагы Эркайым энең өтүп ошол жактабыз. Бир аз кемчилдиги бар экен ошого келдик эле. Сен отуруп курсагыңды тойгузуп алып, анан бар – деп апам өзү кетти.

Мен түшкө жакын бардым Эркайым эненикине. Эл анчалык деле көп эмес экен. Айылда калгандын баарысы ушул өңдөндү. Чал-кемпирлер жүрөт. Он чактыга жетпеген жаш балдар болбосо, дээрлик көбү абышка-кемпирлер.

Өлүк каадасы менен жерге берилди. Куран окулуп, ар ким өз үйүнө бет алганда, анчалык бийик эмес тумшуктагы үй бозурайып жетим балага окшоп калды.

Үйдө көпкө болбодум, иш деген иш да. Кайра артыма жөнөөр алдында апам мени менен коштошуп жатып:

-Адыл акеңди тааныйсың да- деди.

-Тааныбай анан.

-Үйүн билесиңби?

-Бир көргөм бирок,  көчөдөн көрүшүп турабыз- дедим.

-Жакшы экен анда. -Атайын үйүнө барып, Эркайымдын дүйнөдөн өткөнүн айт. Чакырта албадык, аны ошол байкуш…- деп баратып, жарым сөзүн жутуп, көзүнө жаш алды.

-Айтам– деп жолго түштүм.

Үйгө келген соң, Адыл акенин жашаган жерине бет алдым. Кудай жалгап үйүндө өзү жалгыз экен. Учураштык. Ага айылга барып келгенимди айтып, Эркайым ененин көз жумганын сөз ичинде кыстара өттүм. Ал кыйлага чейин тунжурап олтурду да:

-Ошондой де– деп сөзүн таптады. Анын көзүнө жаш алганын да байкадым.

-Жакында кыркын өткөрөбүз деп жатышат.

Кыйлага үнсүз олтуруп:

-Мен жөнүндө кыйла сөз болгон чыгар…

-Кандай сөз?

-Оо, ал кыйла сөз. Жүр, чарпаяга баралы.

Чарпаяда чай ичип олтурдук. Адыл аке оор басырыгынан жазбай, көңүлүндөгү уюган ойлорун мындайча баяндап жатты…

# СҮЙҮҮ ТҮБӨЛҮКТҮҮ

## *Эполог ордуна*

…Андагы абалымды азыр деле айтып бере албасам керек. Атам өтүп, ага удаа турмушум бузулуп кыскасы, баш-аягы жок күндөрдүн жетегинде элем. Өзүмдү-өзүм таппай, кургакта калган чабактай, ары-бери ооналактап, мейкиндиктин чегин көрө албай алдастап турган учурум болчу.

Адамга мындай учурда жөлөк-таяк керек тура. Муну кийин түшүндүм. Мына ошондой күндөрдүн биринде Эркайымга жолуктум. Алгач жолукканда эле анын көзүндөгү муңайымдык, ошого удаа чечкиндүүлүк, өз оюнан кайтпаган кайраттуулугу, сезгирлиги анан адамга болгон жылдыздуулугу мени арбап алды. Эркайымдын жүзүндөгү сулуулугу эмес, анын адамдын жүрөгүндөгүсүн таап сүйлөгөнү, сөздү кыш кынагандай кынап, макал-ылакаптарды ыгына жараша пайдаланганы сөзсүз уккан адамды таң калтырбай коймок эмес.

-Мен издеген аял ушул–деп бүтүм чыгардым. Анын үстүнө коңшулаш айылдан болгону да мага жага берди.

Тилекке каршы бул сүйүнүчүм көпкө узаган жок. Адамды бир көрүп баалоо, ага бүткүл дилиңди арнап салуу тозоктун өзү экенин ошондо билдим. Алгачкы күндөн эле олку-солкулук башталды. Ата-энесинин алдына барбадык, баралы десем, күн сайын түрдүү шылтоолор менен токтотуп, улам кийинкиге сүрө берди.

Күн алыс узабай баягы мен көргөн, мен тааныган Эркайым таптакыр башкача болуп өзгөрдү. Туруксуз көз караштар, эки анжы ойлор, суук сөздөр… Кыскасы, зериктирме, максатсыз жашоого өттүк.

Басса-турса балдарым дей берди. Балким балдарын алып келсем жашоом өзгөрөр деп баласын да алып келдим. Бирок, бул деле жашообузду өзгөртө алган жок.

Бир ирет түн ортосунда тамеки тартып олтурсам, Эркайым жөөлүп, уйку-соо арасында кимдир бирөөгө жалынып-жалбарып, «-алып кет, качып кетем, мен муну менен жөн эле жашап жатам. Ошон үчүн тааныштыргым жок. Жалгыз сен деп жашаарымды бил…» деген сөздөрдү сүйлөп салды. Жүрөгүм муздай түштү.

Ошондон баштап менде да олку-солкулук, ишенимсиздик пайда болду. Бир тарапка агыла албай кыйналдык. Анын бир уул, бир кызы бар эле. Аларды колго алабыз деп баратып, капилеттен Россиядан келген бир иниме жолугуп калып, колго тийип турган балдарды кайра артына жөнөтүп, тиги иниме «быш кенедей» жабышып, экөөбүз Россияга сапар тарттык. Тагдырдын тарамыштай болгон тарам жолу мына ушул жерден башталды. Биз эңсеп барган менен, бизди күтпөгөн Россия кучагын кенен ачып тосуп алган жок. Жашообуз күн санап оорлоп баратты. Анын эки жүздүүлүгүн, куулугун, ошондо аңдап байкадым. Эркайымдын чыныгы жүзү ошондо ачылды. Анын өзүм билемдиги, теңсинбөөчүлүгү, текеберчилиги ошого удаа өзүмчүлдүгү «сүткө түшкөн коңуздай болуп» көрүнүп калды.  Акча, дүйнө, алтын үчүн өзүн да сатып жиберүүгө даяр экенин көрүп, ага чыдабадым. Баягы намаз окуган күндөрү арак ичүүгө, алоолонгон сөздөрү жалганга, максаттары мастыкка алмашты. Жүрөгүнөн жылуу сөз чыкпай, оозунан «ак ит менен, кара ит» чыгып, өзүн жоготуп койду.

Сентябрдын суук кечинде ага колум тийди. Болгондо да баардык ички бугумдун боркулдап кайнап турган убагында. Аны бир билсе көктөгү Теңир, катарлаш турган кайыңдар анан ээн-эркин агып жаткан Севага билип, туйгандыр.

Эркайым жер кучактап ыйлап жатты. Жөн койдум. Ички бугу, жан дүйнөсүндөгү азап-арманы чыксын дедим. Ар бир кылган кылыгына, оозунан чыккан сөзгө жооп издесин, өзүн таанысын дедим…

Ыйлап жатты… Ботосун издеген боз иңгендей боздоп, бөлтүрүгүн жоготкон бөрүдөй улуп жатты…

Карап тура албадым, кайра кучагыма алып, көңүлүн көтөрүп, көзүндөгү жашын кургаттым.

-Баарын түшүндүм, эми эч качан оозума арак албайм, эми сени «сиз» дейм, кадыр-баркыңызга жетем, кечириң-деди. Кечирдим. Мен да кечирим сурадым.

Бирок,  кылып жүргөн кылыктары көбөйсө көбөйдү, азайган жок, кайра эле баягысы баягы болуп кайталана баштады. Токтобосуна көзүм жетти. Кандай болгон күндө да кайра кайтып кетүүнү ойлодум.

Мүмкүнчүлүк табылып, аны Кыргызстанга алып келүүгө көндүрдүм. Эгер анын оюна койгондо калып калмак. Араң зорго келди. Келгендеги жомок  өзүнчө улама. Бул жердеги кыйынчылыкты бетке тосуп, ар күнү жаңжал чыгарууга аракеттене баштады. Бул мени жадатуу экенин билип эле турдум. Ушуга да чыдап жашап калайын деген үмүттүм таш каап, ал кайрадан Россияга кетти.

Ошентип ал Россияга кетип, мен Кыргызстанда калдым. Күтүүнүн зарылчылыгы жок экенин билген соң, башкага үйлөндүм.

Бир ирет Бишкекке баратып, бир жолоочу менен узак аңгемеге түштүк. Сапарлашым сыр сандыгын ачып, өткөн бир окуяны айтып берди.

«…Билбейм, ким эмне дейт бирок, мен бул дүйнөдө өз сүйүүмдү баарынан жогору коюп жашап келем. Үч ирет турмушка чыктым бирок, өзүм чын жүрөгүмдөн сүйгөн адам менен жашабасам, калганы менен жашай албасыма көзүм жетти. Баары менен ажыраштым.

-Алгачкы турмушуңузга чейин бирөөнү сүйдүңүз беле?

-Сүйгөм. Ошонун айынан беркилер менен ажырашып жатпайымбы.

-Эмне себеп болуп?

-Билбейм, туңгуч сүйүүмдү унута албай койдум. Ал экөөбүз баш кошорго бир жума калганда көлгө чөгүп кетти. Ак түнүмдү ага арнап койгон элем. Ошо-ошо болду, анын атын унута албадым. Кийинки турмуш курган эркектеримдин бири да ага окшободу. Канчалык аракет кылган менен жашай албадым. Күн-түн ошонун элеси менен жашап, бассам-турсам эсимден кетпеди. Жүрөгүм жалгыз гана ошону деп согуп туруп алды.

Азыр кимдир бирөө менен турмуш кургум келбейт. Анын көзүн боеп, кызматтын кылгандан көрө, өзүмчө жашаганым артык көрүнөт. Не кылам дагы бирөөнү алдап, ансыз да «күйөөнүн саны көбөйүп кетти»-деп башын чулгап алды.

-Сиз сүйүүгө ишенесизби?

-Мен да бир кезде ишенген эмесмин, азыр ишенем. Сүйүү адамга бир жолу бериле турган белек. Ал түбөлүктүү. Аны эч нерсе менен алмаштырууга болбойт турганына да ишенем.

Мен ага жетпедим, бирок ошонун элеси мени менен гана жашап келе жатам. Балким, буга кимдир бирөө ишенбестир, ишендирүү кыйын го. Бирок ошого карабай мен сүйүүнү түбөлүктүү деп айтар элем...».

Сапарлашымдын баянын угуп олтуруп, Эркайымды эстедим. Ал да балким, Жаныбекти же Мирбекти дал ушул аялдай сүйгөндүр. Балким, менин таарынычым таруууга да татыбай, күн-түн ошолордун элеси менен жашагандыр-деген ойго токтодум. Жашоо-сүйүү, ал түбөлүктүү деген балким туурадыр…

# УУЛУМА КАТ

*Публицистика*

## СӨЗ БАШЫ

Ар бир таң, ар бир күн өмүрдүн жаңы барагы. өткөн күндөрдү эстеп, кеткен жаңылыштыкты оңдоо ар бир адамдын парзы болуш керек деп ойлойм. Ошентип быйыл 31 жашка толом. Бул азбы, көпбү билбейм. Бирок, ошого карабай өткөн күндөрүмө саресеп салып, олку-солку өмүрүмдө эмнелерди башымдан кечирдим, эмнелерди көз жаздымда калтырдым ушулар жөнүндө жазгым келди. Бирөөнүн жакшы сөзүн, бирөөнүн ачуу тилин уккан күндөр да болду. Дос, жолдош күттүм. Тагдырдын тайгак жолунда ашуусу бийик белди, түн жамынган караңгылык менен айсыз түндөрдү, жүрөк толкуткан сүйүнүч менен көңүлдү ооруткан азаптуу күндөрдү да баштан кечирдим. Айтор, менде деле аздыр-көптүр тажырыйба жыйналган өңдөнөт. Ошентип ушул уламанын учугун улап жазууну баштадым. Балким, бул силер үчүн сабак болор деп ойлодум, уулум.

Ким билет, «өмүр каш-кабактын ортосунда»-деп коет эмеспи, анын сыңарындай капыстан көзүм өтүп кетсе, өткөн күн, жашоо турмушум жөнүндө силерге айталбай калбайын деп да ойлодум. Анан калса, мен атанын акыл сөзүн укпай чоңойдум. Энемдин эмчегин соруп, бешик ырын угуп, энелик мээримдин гана кучагында өстүм. Эс тартканга чейин энемдин ырын ырдап, анын айткан жомогун угуп уктадым. Балтыр этим толуп эми сөздүн кадырына жетерде энем көз жумуп, анын айтыла элек көп сөздөрүн угуп, көкүрөккө сактай албадым. Ошентип, өзүмдүн муң-арманым, кубаныч-кайгыларым ушул уламанын кайсыл бир жерлеринде даана айтылып, силерге жомок болуп калар.

Башка улуу адамдардыкына окшошуп калбасын деп, жеке өзүмдүн тагдырымдын айрым жерлери толук кирсе, айрым жерлери жалпылаштырылып да кирди. Бирок, муну силер менин жеке тагдырымдын жыйындысы катары карабагыла. Кандай болгон күндө да мунун баарын турмуштан алган чындык экенин окуп чыккандан кийин өзүнөр ынанарсыңар.

Азырынча билбейм, уулум, бул улама сага жагабы же жокбу? Ошентсе да жаза берүүнү эп көрдүм. Жок дегенде бир жолу көз салып койорсуң. Айрым жерде мен жаңылган жерди тууралап жашоону

керектерсиң. Бул улама жашоодогу мен үчүн эң оорчунду болгон ата-эне, тууган жер, тууган-урук, жоро-жолдош, сүйгөн жар, үй-бүлө , бала айтор дагы-дагы бир топ нерселер жөнүндө болмокчу…

Эгер дагы бир жолу кайрылып калсам толуктап жазармын. Азырынча оюма келгендин баардыгын жаза берүүнү туура көрдүм. Иретке сала алсам салармын, сала албай калсам өзүң иретештирип окуп ал.

Сен да эртең эр жетесиң, үй-бүлө күтөсүң, жашоонун өйдө-төмөн, ысык-суугуна туш келесиң, ошондо сага айтар сөзүм, берген кеңешим ушул болор. Эгер жазгандарымды жаттай албасаң да, айрымдарын эсине түйүп аларсың. Менден калган сага бирден-бир байлыгым ушул уулум.

14-жыл. 12-май.
Таңкы саат 5. «Авиз» айылы.

# ТУУГАН – УРУК ЖӨНҮНДӨ

Мени кечире аласыңбы же жокбу билбейм? Бирок, сага чындыкты айтып коюм парз. Сени жаш кезинден туугандарыңа аралаштыра албадым, өзүм да алар менен чогуу болбодум. Ошондуктан болсо керек, улам жаш өткөн сайын ичим тызылдап калчу болду.

Тууган жер өңдүү эле тууган эл, бир тууган деген сөздөрдүн кандайдыр бир улуу касиети бар өңдөнөт. Ошентсе да айрым учурларда атына заты окшошпогон бир туугандар кездешет уулум. Мындай нерседен оолак бол (Сенин бир туугандарын жок эмес, кудайга шүгүр элесиңер).

Тууган деген менен катташсаң туугансың, катташпасаң жатсың. Балким, өзүмдүн жалгыздыгымдандыр, мен анчалык деле көп тууганга эгедер болгон жокмун. Турмуштагы бир окуя эсимден кетпей жүрөт.

«…Энем өлгөндөн кийин, атам да катташпай калды. Атам менен дайым бирге болбогондон кийин кыйын экен. Күндөрдүн биринде бир окуя болуп калып, «туугандарың ким, кайда алар, тегиң барбы дегенде» - өтө сына түштүм. Ыраматылык апам, атамдын атынан башкасын билбегени, көкүрөгүмдү эзип, көзүмдү жашка толтурган. Ошондон көп өтпөй туугандарым ким экен?- деген ойдо тууган издегем. Жети атамды жеткире изилдейин деп, кыргыздын санжырасын казып, туугандарымды тапканга аракет кылдым. Кудайга шүгүр, туугандарымды түрө кыдырып ата-тегимди тактап алдым.

Уулум, сен дагы билип ал аны. Кийин соң, атам айтпаптыр деп өкүттө калба. «Чоң атаң Таштемир, бабаң Абдукарим, бубаң Жумабай, кубаң Бекетай, жотоң Кулу, жетең Кебек, муштумуң Кумач, наркың Асан, задиң Ожурай, зилиң Мамыт, тегиң Дашман, кубатың Каба, медетиң Зулум, таянычың Мундуз, уругуң Куу уул, анан Долон бий. Андан ары изилдесең Жапас, Нух пайгамбарына, андан өтүп Адам Атага чейин жетсең болот». Биз деген түптү элдин кулундарыбыз. Кыргыз элинин санжырасынан айланса болот. Аны көптөр эске албай жүрүшкөнү зээн кейиттер чындык.

Туугандарың менен тез-тез катташып, аш-тойлорунан калбай жүр, уулум. Колуңдан чоң нерсе келбесе да, акылың менен салым кошуп жүр. Ары жүр, бери жүр кылып өзүңдү жаман көрсөтүп алба. Таарынычың канчалык ашып-ташса да, бир аз тарта сүйлө. Туугандарыңдын алдында өтө эле сыпайыгерчилик кыла бербе.

Колуңда болсо аяба, ал эртең эле кайтып келчү карыз. Жок болсо таап берет элем деп убараланба, аның текеберчилик болуп калат. Бирок, кээде тууган деп эле, баарына жармашып-тырмыша бербе, жатындашың болбогон соң, арманыңды, ашыкча чыгымыңды айта берсең, өзүңө душман болуп калышы да ажеп эмес. «өздөн чыккан өрт жаман» деген макал балким, ошондон чыккан чыгар. Туугандар бири-бирине күйүмдүү болгондо гана тууган болот. Болбосо, аты тууган адамдан, айылдаш турган кошуна артык болуп калышы да ажеп эмес, уулум.

## ТУУГАН ЖЕР ЖӨНҮНДӨ

Уулум, тагдыр жолу миң кырдуу. Жашоо дайра болсо, өткөн күнүң жел кайык. Аманат жанда тууган жерден алыс болсоң, бул айткан сөздөрүмдү, эсиңе тутуп жүр.

Бирөөнүн элинде өзүңдүн ата-журттунду жамандаба. Элиңдин каада-салттын ал жердегилерге салыштырып жаман-жакшы дебей жүр. Ар кимдин өз эли, өз журтту өзүнө медер. Канчалык кадыр-баркың өссө дагы, өзүңдүн өмүр жашын өткөн жерге акирет келтирип, баардык жан-дүйнөңдүн таржымалын төгүп–чача бербе, ал сага эртедир-кечтир кескилеген мокок бычак болушу мүмкүн. өз жериңди канчалык сүйсөң да, жашаган жериндин ыйыктыгын, асылдуулугун, айта жүр. өз жериңден кем көрбө. Элине, жерине шек келтирбей, колуңдан келсе ал жерге өз салымыңды кош, ушундай ынтымактуу эл, ырыс төккөн жер-деп урмат менен айта жүр.

Башка журт өгөйлүк кылат. Бирок, ага чын көңүлдөн кызмат кылсаң, өздөн артык болорун унутпа. Дилинде жакшылык кылгын келсе, ишин менен далилдей жүр. Бирок, оозун менен күйүп-жанып кереги жок.

Менин бир жолу күйгөнүм бар. Ал жер өтө касиеттүү жер эле. Анда жашаган элдин чала сабаттуулугу маданиятсыздыгы, элдин караңгылыкта экендигин бетке айтып коюп, өтө ыза болгом. Ошентип ошол элдин маданияттын, билимин жогорулатып, келечек ээлерине жакшы тилектерди айтайын деген оюм четке кагылып, шагым сынгандыгы азыр да эсимден чыга элек.

«Тууган жердин топурагы алтын» - деген сөздү эсиңден чыгарба. Кайда жүрсөң да элиңдин, жериңдин атын атап, аларга сыймык боло турган жакшы сөздөрдү ала жүр. өз элиңдин, жериңдин кадырын башка жакта жүргөндө сезериң чын. Аны тануу мүмкүн эмес. Жериң, элиң үчүн кадыр сатпай чөгөлөп кызмат кыл. Алыста болсон, миң ирет толгонуп, үч ирет эстей жүр. Ата Мекен деген сөздү ыйык тут.

Мен ата журттумду колдон келишинче кадырлоого аракет кылып келем, дагы кыла бермекчимин. Ата журттумдун алдында карыздармын, ага таазим кылып, ырга анын асылдыгын, бийиктигин, түбөлүктүүлүгүн айтууга, аракеттенип жүрөм, эми калганын мезгил өзү таразалайт. Мекенге кылган иш үчүн төш кагуунун кереги жок.

Ата журттум сени кантип унутам,
Сагынгандан салам айтам булуттан.
Тоолоруңду эңсегенде чыдабай,
Топурактан чылап ичтим бир уртам.

Кантип гана унутайын өзүңдү,
Өзүң болсоң жарык кылган өмүрдү.
Туулган жер топук кылып келемин,
Турпатындан алып жанга өмүрдү.

Эсимдесиң эстейм сени ата-журт,
Конушум бар издейм сенден түнөктү.
Ата-энеден тууган – урук достордон,
Алыс өстүм, кыйнайт ошол жүрөктү.

## АЯЛ ЖАНА АЯЛДАР ЖӨНҮНДӨ

# СОКРАТ МЕНЕН АЯЛ

**Сократ өтүп бара жатып, бутакта асылып турган аялды көрүп; - Аттаганат, дарактын баары ушундай мөмө байласа кандай сонун болор эле! – деп басып кетиптир.**

Уулум, бул жашоодо үй-бүлө күтүү парз. Турмуш деген төрөлгөндөн өмүр өткөнгө чейинки аралык. Ал аралыкта түрдүү азап-тозок, кайгы–кубаныч, дагы толуп жаткан түрдүү нерселерге жолугуучу учурлар бар. Ал сөзсүз аял менен коштолот. «Мен жашоодо көп аял алдым. Анын да түрдүү себептери бар. Себепсиз эч нерсе болбойт».

Бир аксакал адамдан уккан, мындай накыл кеп азыр дагы кулагымда;- «Аялдын канча чачы болсо, ошончо амалы бар».

Тирүүлүктө көп нерсени үйдөн үйрөнөсүң. Үйдөн алган тарбияң сөзсүз ар бир кадамыңда кездешет. Мен апамдын тарбиясында чоңойдум, андыктан аялдык мээримдүүлүктү, боорукерликти, анан калса миң кырлуу жашоонун сырын ошол аялдан үйрөндүм. Бирок, ошого карабай кээде «эркектик кур намыстуулукка жеңдирген калпыстык, кур чирендик, бойкөтөрүүчүлүк, өзүм билемдик аралашып, көп жолу азап чектирди.

«Жаш кезинде баары жакшы, жаман катын кайдан чыгат» - деген накыл сөз бар уулум, ушуну акылым жеткенче чечмелеп берейин. Сен эми эр жетип, бой тарткан кезиң. Үй-бүлө күтүүгө убакыт жеткен чагың. Андыктан көчөдөгү көп кыздар көздөн учуп, биринен-бири артык көрүнөрү бышык. Аял тандоо кийим тандоодой эмес, андыктан абайла уулум. Аял сенин өмүрлүк жарың, ал сенин түбөлүк жан жолдошуң ушуну унутпа.

Аял кубанычың, жан жолдошуң, ошону менен бирге шоруң дагы. Булардын баардыгына адам өзү себепкер дегенге кошулбайм, уулум. Турмуш миң кырдуу, ушундай эле адамдагы мүнөзгө да сан жетпейт. Психлогдор адамдын кыял-жоругун бешке бөлүшүп жүрүшөт, бирок, турмушта санап бүтүүгө мүмкүн эмес. Ошондуктан анын ар бирине мен да токтоло албайм. Бирок, бир нерсени эсиңден чыгарба. Эгер үй-бүлөдө кадырлуу, сыйлуу болгун келсе, аялыңдын көңүлүн көтөрүп, колуңдан келбесе да, «аракет кылып көрөлүчү», «убакыт табылсын», «жашоо жетишпестиги менен кызык да» - деген сөздөр менен коштоп жүр. Аялыңды эч качан алдаба, анын көңүлүн оорутпаганга аракет кыл. Себеби, өчкөн отту кайра тутантуу өтө кыйын болот.

Уулум, жашоо «бир кем дүйнөдүн» турат. Өзүңдүн жарыңды башкалардыкы менен салыштырба. Башканын жакшы жары эч качан

сага келбейт, өзүңдүн жаман жарың башкалар үчүн жакшы экендигин унутпа.

Бул жалган жашоодо бир эле турмуш менен өткөнгө не жетсин. Айласын таппагандыктан экинчи төшөк жаңыртууга туура келсе, анда мурдагысы (биринчиси) мындан жакшы эле деп ага салыштырууга болбойт, уулум. Же болбосо, сенден жакшысын табам деп, гүлгө конгон көпөлөктөй болуунун зарылчылыгы деле жок. Жана айтпадымбы, бул жашоо «бир кем дүйнөдөн» турат деп.

Эгер турмушта төшөк жаңыртсаң бир нерсени эсине ал, уулум. Турмуш деген өзү деңиздей эле нерсе. Бир жолу бирөөнүн үйүнө конокко бардык. Келинчегимдин мурдагы күйөөсүнүн баласы да биз менен эле. Конокто көңүлдүү олтурдук, анан анын да аягы болду. Ошентип барган жолубуз менен кайра келе жатып, колуктум колтугума түртүп;

-Бул энемдин үйү - деди.

Башымды ийкедим. Ичим туз куйгандай ачышып кетти. Бирок, билдирген жокмун, жүрөгүмдө түпөйүл ой калды.

Жаманбы, жакшыбы алгачкыңдан айрылба, «көз ачып, көргөнгө баары бир жетпейт». Тагдыр тайып алгачкыңдан айрылсаң, кийинкиңди күнөөлөбө. Ал деле адам пендеси. Балким, ал деле жашоосунан жаңылгандыр. Андыктан өткөн күндү эстеп, ичинден ойлонгонуңду сыртыңа чыгарбай жүр. Турмушта дагы бир жолу жаңылбайм десең, менин бул айткандарымды эсиңе түйүп ал.

**АЛГАНЫҢДЫН** өткөн күндөрүндөгү ыза кылган талылуу жерин билсең, кайра-кайра айта бербе.

**МУРДАГЫМ** мындай эле, эми муну мындай кылып тарбиялайм деген ойдон алыс бол. Себеби, ар бир пенденин табият жараткан кыял-жоругу, канынан бүткөн дили болот.

**ЭГЕР** жарыңдын артынан ээрчип келген баласы болсо, анда өзүңдүн балаңдан да артык кара. Бирөөнүкү өөнчүл болот. Ага ашыкча тарбия берем деп кагып-силкүүнүн да кереги жок. Бирок, такыр эле бош кое бербе. Себеби, эртедир-кечтир ал жетилип, кандайдыр бир кемчилик кетирсе, эл сенден көрөт. Өз атам болсо, ушул даражага келбес элем деши да мүмкүн, андыктан тарбияңды талыкпай берүүгө аракеттен.

**АКЫРЫНДА** айтарым колуңдан келсе, «тайлактуу төөнү жетелебей жүргөнүн» деле оң.

Көңүлдөн түнөк тапкан аялды эч качан жаман дебе, ал жашоону азгырыгынан, турмуштун кулдугунан сени ар дайым куткарып келет. Аял демекчи, аялдын да аялы бар. Бири күнүмдүк тирикчиликтен, бири убактылуу азаптан, дагы бири сенин кызмат абалыңдан, байлыгыңдан,

керек болсо үй-бүлөңдөн да өз кызыкчылыгын жогору коюп, каалаган максатына жетип алуусу мүмкүн. Ошондуктан аял же аялдар менен мамиледе болгон кезде өтө этият бол.

Аялдар турмушубузда өтө зарыл болгондой эле, жашообузда да кескин түрдө анын тескерисинче болуп калышы да мүмкүн, андыктан аяр бол. Аялсыз жашоо жашоо эмес, өткөн күн күндөй, болуп, эркектин баткан күнү чыкпай калчудай болору да шексиз.

Уулум, сен мени көп аял алды деп күнөөлөрсүн, тагдыр жазымышынан кача алганым жок. Буга кечирим да сурабайм себеби, айрым учурларда өзүмдүн күнөөм болсо, айрым кезде айлана-чөйрөмдөгү адамдардын да таасири тийгендир.

Белгилүү казак акыны Мухтар Шахановдун минтип жазганы бар.

«-Ооба, андай илдет биздин казакта да кеңири тамыр жайган болчу. Классик кеменгер Табит Мүсүрепов, даңктуу баатыр жазуучу Батыржан Момуш уулу, айтылуу ырчы Эрмек Серкебаевдер төшөк жаңырткан үчүн, айыпталып, фелетондун каарманына айланып не бир кокуй күндү баштан кечиришкен.» Анын сыңарындай айрым учурларда мени да көп жолу үйлөндүң дешкен менен, анын түп-тамырын сураган адам болгон жок. Тек гана айтылган бир «мыскылдуу» сөз, кытмыр көз карашы гана болбосо, чыныгы дилинен айтчусун айткан адам деле болгон жок. Бирок, көкүрөктөгү ал жаранын сырын мен айталбадым, билгендер акыл-кеңешин беришпеди. Бул өзүнчө чечмеленүүчү нерсе. Кел, баштаган сөздүн аягына чыгалы.

Алгач ушуга көңүл бөл.

Кимдир бирөөгө өчөшүп үйлөнбө, анда жаңыласын. Жакын көргөн досторуңдун да тилине кирбе. Өкүнүч сени баскан кезде алар сени менен санаалаш болбойт. Өзүң танда бирок, да буларга көңүл бур; «Түстүүдөн түңүлбө» - деген сөз бар элде. Ошентсе да өзгөчө сулууларга сук артпа. Ал сенин гана эмес, жалпы дос-жарыңдын, а түгүл айылыңдын ажары болоруна толук ишенбейм. Сулууга суктангандар көп болот. Аял деген аял да, бирде болбосо, бирде атыңа шек келтирип алышы мүмкүн.

Жүзү эмес, көңүлү сулуу болсун,
Сени дагы тазартат пейли менен.

Ооба, уулум бул сап бекеринен жазылган эмес. Мынчалык майда баратка чейин эмне кереги бар эле дешиң мүмкүн, кереги бар балам. Чыдап дагын бир аз окуй түш.

«Дүйнөдө чын эле бир аз жарды» экендигибиз жашыруун деле эмес. Сен, бай жашаган адамдын кызын алайын деп убараланба. Ага жеткен күндө да, «сөзгө сөмтүк, кепке кемтик» болосуң. Тектүү жердин кызын албай калдым деп өкүнбө. Байлык менен эч ким тектүү болгон эмес. Алар өмүр бою кекирейип, сени басынтып коюшу мүмкүн. Алардын да өзүнө ылайыгы чыгат. Алганың өзүңө ылыйык эле болгону дурус. Жүзү ажарлуу, ишке тыкан, адамгерчиликтүү, боорукер, мээримдүү болсо болду. Айтпадымбы, «бул дүйнө кемтик» деп. Дүйнөсү сеникинен тар болсо да, зирек болсун. Телегейи тегиз адам жок, уулум. Сенин дүйнөгө болгон, көз карашын тар деп айыптаба.

Дагы бир айтарым;

Аялың өзүңдөн өтө эле жаш болбосун. Ал өтө жаш болсо, анын каалаганын канаттандыра албай кыйналып каласың. Өзүң менен тең болушун да эңсебе. Себеби, бирдей тең салмактуулук дайым эле сактала бербейт. Сөзсүз бири оорлук кыларын унутпа.

Аялдын улуусун да жактыра көрбө. Анын билгенин сен билгенче көп бар. «Аял» - деген алты баштуу жылан–деген кеп бекер калган эмес.

Уулум, анда кандай аял алсам болот?- деген суроо башыңда ойноп тургандыр. Анын жообу бул, сен жактырган аял өзүңдөн беш-алты жаш кичүү болсун. Ал кандай болгон күндө да сенин эркиңде болот. Алганга чейин эркиңе баш ийбесин туюп калсаң, анда ал менен баш кошпой эле койгонуң дурус. Эркекке баш ийбеген аял ал түбөлүк жар болбойт. Элде, «казан баштуу аялдан, көсөө сындуу эр артык» - деген сөз бекер жерден айтылбаган, буга көзүм жеткенден айтып жатам.

# КЫЗГАНЧААКТЫК ЖӨНҮНДӨ
# ӨЗ СӨЗҮНҮН ТУТКУНУ

**Дагы бирөө; - айтылганча сөз адамдын туткуну, айтылгандан кийин адам сөздүн туткуну, - деген экен**.

Улум, өзүң деле сезип жаткандырсың, бул турмуш ушундай чийеленген түрмөк. Биринин-артынан бири чубап жатат, күндөр күндөрдү коштогондой эле. Ошондуктан кызганыч жөнүндө да айта кетпесем болбос, бул дагы жашоодо бирден-бир зарыл нерсе.

Жашоо өзү кызганычтан турат. Балким, башкалар башкача ой жүгүртүшөөр бирок, менин турмуштук тажырыйбам башкаларга карама-каршы келиши да мүмкүн. Муну кимдир бирөөлөргө таңуулабайм.

Эгер сен аялыңды өзгөчө кызгансаң, анда өзүңө да сак бол. Сыртыңдан жалган эле кызганбайм дебе. Жоро-жолдошторуң сени сынап да, атайлап да ар кандай жолго салышы мүмкүн. Алгач аялыңды тый. Ал чектен ашпагандай болбосун. «Өзүм билемдике» салса эл көзүнчө катуу айтпа, анда кадырың кетет. Жай айтып түшүндүрүүгө аракет кыл, эл жок жерде чектен ашып кетип жаткандыгын айт. Ага да болбосо, абийириң төгүлө электе андан алыста. Баарынан «баягынын аялындай» деген ылакаптан алыс болууга умтул. Кызганыч – эки адамдын ортосундагы ысык мамиленин белгиси. «Бир ирет достор менен бир кечеде болдук. Аяшым өтө шайыр, көзгө да толумдуу эле. Ал бир кезде өзүн эркин алып музыка кайрыгында ар ким менен бийлеп, арак келген сайын арашандык кылып жатты. Күйөөсү такыр кызганбайм дечү. Жакшы эле чыдады көрүнөт, бирок, эрки жеткен жок окшойт, бир кезде аялын тилдеп кирди. Сөздү такыр башка нерсеге такаган менен кызганычы билинип турду. Достордун бири да ортого түшкөн жок. Үй-бүлөнүн ыркы кетип, көп өтпөй ажырашып кетти. Ойлонуп көрөрсүң, бул бир эле мисал».

Эгер аялыңдын дайым жанында болушун кааласаң, өтө аяр бол, көп эле эпилдей бербе. Досторуңдун аялдарын жеткирип келүүгө буйруба. Кысталыш учурда экөөң бирге барганын оң, өзүң жеке да барба. «Аялдын өзүнө нысап берсин»- дегенге да ишенбе себеби, ит өлүгүң ичиңде калганча, ачык көңүл барып келгениңер дурус. Кызганыч дүйнөнү тегеретkенге чейин барат. Кыргыздардын мындай жакшы сөзү бар го, «Койнуңда жатып билинбейт, катындан өткөн душман жок, колуңда жүрүп билинбейт камчыдан өткөн жарак жок»- деген. Анын сыңарындай аял кызганычтан ар кандай ишке баруусу мүмкүн, ошондуктан кызгануунун да чеги болгону жакшы.

# СЫР ЖАНА ИШЕНИМ ТУУРАЛУУ
# БИР СЫРДУУ БОЛ

**Бир философ;**

**-Душманың билбесин деген сырды, досуңа да айтпагын, анткени досто айрылуу, сөөктө кайрылуу болот! -дептир.**

*(Залкар ойлор).*

Уулум, сыр менен ишеним тууралуу айтпай кетсем болбос. Себеби, мен өзүм ушулар тууралуу көп запкы жедим.

Биринчиден айтарым, жакын көрүшүп ой-пикириңди аңдыган кишиден сак бол. Сырыңды ачпа. Алар сага жакшылык кылып көрүнгөн менен акыры душманын болуп чыгат.

Экинчиден жатындаштай жан тартып, дүйнө – мүлкүн сен үчүн ачып, анан калса колуңдан бир жакшылык келсе андан пайдаланып жүргөн кишини байкап калсаң, андан жаа бою кач.

Үчүнчүдөн дос-жар, тууган-урук деп эле көрүнгөн адамга жакшылык кылып, алардын алдында «ички бугуңду» тең бөлүшөт- деп сырыңды төгө бербе, кайсы бир учурда аларга ишиң түшсө, сенин абийириңди төгүп, сырыңды бурмалап, башка бирөөлөрдүн алдында мажирөө кылып коюшу мүмкүн.

Ишеним менен сыр окшош дешет. Мен буга кошулбайм. Адамдагы сыры бирөө, бирөө десем да жаңылышып калышым мүмкүн. Ал эми ишеним деген такыр башка түшүнүк. Бирөөлөргө ишенип өзүңдүн колуңдан келген ишти бербе себеби, ал сенин айтканыңды жасай албай өзүңдү да, өзгөнү да кейишке салып коюшу мүмкүн.

Дагы кимдир бирөөлөрдүн сөзүнө ишенүүнүн өзү жаман. Эсимде, мен бирөөдөн акча алып, аны башка адамга бердим. Ал мага бир буюм алып келип бериши керек эле, тиги көпкө алып келип берген жок. Акча алган адамдын жүзүн карай албай же акчадан жок же буюмдан жок ортодо калган учурум болгон.

Өтө жакын адамдарың болсо деле ишене бербе, алар деле пенде да, кээде ишенимден «жакын тууганым» - деп чыгып калышың ыктымал. Ишенимге кирүүнүн өзү кыйын. Эгер кимдир бирөөнүн ишенимине кирсең аны өмүр бою таза, ак ниеттүүлүк менен аткара бил. Ортодо жаман-жакшы сөз болуп калышы мүмкүн бирок, өзүңдүн таза сезимиңди булгабай жүр. Кеч болсо да ал сенин ишенимге ак экениңди сезсин.

Ошондой эле өзүн бирөөгө ишенсең, аны кайсы бир сөздөр (ушак) менен дароо эле күнөөлөбө. Иштин аягын өтө сактык, тыкандык менен күт. Балким, кимдир бирөөлөр пенделик кылган чыгар.

Ишенимден чыгып калуу өтө коркунучту, уулум. Кылган ишиң канчалык так, өзгөчө тыкан болгон менен, эл сага ишенбей турса ал жерде кызууланба, мүмкүн катар токтоо көрүнө бил.

Бирди экиге кошуп сүйлөбө,
Айткан сөзүңдү аткара бил!

Элге өтө эле жупуну болуп көрүнбө. Сага эл такыр ишенбей калган күндө да өзүңдүн ак жолуңдан тайба. Элдин ишениминен ак иш үчүн чыгып калсаң, өкүнбө. Ошол эл сени баары бир кайра ишенимге киргизет. Бирок, бирөөлөргө барып актана сүйлөбө, мунун кереги жок. Эгер актанууну ыксыз колдонсоң, эл анда сени жаман көрүп калышы мүмкүн. Эгер эл кызматындагы адам болсоң, бир сырдуу болгонуң эле дурус.

Жашырып не, бир кезде элдин ишениминен мен деле чыгып калгам. Сага муну толугураак айтып берейин, балким өзүң деле жыйынтык чыгарарсың.

«…Мени көп аял алдын деп күнөөлөштү. Бирок, бири да жүзүмө дит багып карап иш төркүнүн сурашкан жок. Тек гана, ушак-айың сөздөр айланып жүрүп жатты. Бир эки жерге сөз айттырсам мага ишенбестигин, ишенимден чыгып калгандыгымдын четин чыгарышты. Кийин дагы үйлөндүм. Көптөр ишенимсиздик менен карап, а түгүл ана-мына ажырашат деген сөзгө чейин барышты. Мен өткөн тагдырымды жаңы көз караш менен алмаштырдым. Элдин ишенимсиздигин токтоолук менен кабыл алдым, аларга эч бир сыр бербей тек гана жашоонун агымы менен жооп бердим.»

Сыр - деген бул сенин көкүрөгүңдөгү туюм- сезимиң. Сезимге эч кандай мыйзам жок. Аны мамлекеттик сырдай сактооң керек. Сырың ачылгандан кийин сен эч ким болбой каласың. Жан-дүйнөңдүн кыйрашы сырдын ачылышынан башталат. Ошон үчүн сыр менен ишеним экөөбүн чатыштырбай жүр. Койнуңдагы аялыңа да ички сырыңды айтпа, ал кезегинде сени сатып койгон тынчың болуп калышы да ыктымал. Сыр өзүң менен көргө чийин барышы абзел.

## ЖАКШЫЛЫК ЖАНА НААДАНДЫК ТУУРАЛУУ

**Бир даанышман;**

**- Байлыкты жек көрөмүн дегени менен, ишенерлик далил келтире албагандын баардыгын жандеме деп эсептеймин. Эгерде анын чын айтып жатканына көзүм жетсе, ал адамдын келесоо экендигин далилдеп бере алам!-дептир.**

Жакшылыкты ар бир инсан кылгысы келет. Бирок, пенденин ойлогонун тагдыр дайым эле ишке ашыра бербейт. Ошон үчүн жалган дүйнөнү жашоо, турмуш, өмүр, өлүм деген түшүнүк ээрчип жүрөт.

Эсимде бейтааныш бир аял мага ушунчалык кыйналып турганымда жан дили менен жардам берген. Көзүм ачыла түштү. Анан ал аялды өтө сыйлап, урмат менен мамиле кылчу болдум. Күндөрдүн биринде, мени жакшы эле билип-тааныган адамдар, ал аялдын бир кезде өтө наадан (?) болгонун айтышты. Бирок, аны өз көзүм менен көрбөгөндөн кийин, аялга болгон урматым ошол бойдон калды.

Эл буга наараазы болгонун билип эле жүрдүм бирок, ал аялды эл менен кошо жаман көрүүгө акым жок экенин да туюп турдум. Ошентип эки ача жолдо калдым. Уулум, сен ушул жолдун кайсынысын тандап алат элең, ойлонуп көрчү?

«Жакшылыкты унутсаң көр болосуң» - деген эл макалы эсимден кетпей койду, ал эми электен өткөн сөздү эл ээсине да алышпады. Көпкө ойлондум, ой учугуна жете албадым. Көрсө наадандыкты бир жолу жасаган адам, миң ирет элге жакшылык кылса да, анын жүзү кара бойдон кала берет тура.

Ошондуктан уулум, эсинде болсун жакшылыкты жалпы элге кылып, наадандыкты такыр ойлобо. Наадандыкты бир жолу кылып, өмүр бою ак эмгектенсең дагы, кара так ээрчип жүрө берет.

Колуңдан келсе, кары-жаш, жаман-жакшы дебей жакшылыкты тегиз кыл. «Жакшылык жакшылык менен кайтпайт» - дейт эл арасында. Бул айрымдар айтып жүргөн эле сөз, анчалык көңүл бурба. Пенделигибиз өлгөнчө ээрчийт. Элдин баарына жакшылык кылып жакшы көрүнөм дегендин өзү туура эмес. Себеби, ушунчалык улукман, ойчулдар, акылмандар өткөн, ошонун баары мыкты адамдар экен-деген ыйык сөздү эч кимден укпадым. Сөзсүз ошол адамдардын да кандайдыр бир кемчилдигин таап, бу деле пенделикке барган экен дешет. Буга мисалдар толуп жатат. Ленин, Сталин, Жуков ж.б.

Ошондуктан кимге жакшылык кылсаң дагы андан кайрымын күтпө. Ал кайрым башка бирөөдөн келет. Эл электен өткөрүп, сенин чыныгы улуулугуна тамшанып, өз мезгилинде ардактай албай калышканына өкүнүшсүн. Ошондо гана сенден жакшылык көргөндөр өздөрү өмүр бою айтышып, сөөгүңдү агартышат. Биздин элдин

ушундай бир мүнөзү бар, «тирүүндө тилдешип, өлгөндөн кийин мактаган».

Жакшылыктын түбү терең ага жетүү кыйын, ошондуктан жакшылык кылуудан эч качан коркпо, уулум. Наадандык канчалык өктөмдүк кылса да, жакшылык алтынга окшоп тура берет.

## ДОС ЖАНА ДОСТУК ЖӨНҮНДӨ

**Искендер мындай дептир; - «Мен досторумдун эмес, душмандарымдын да пайдасын көрөм, анткени, менин кемчилдигимди айтууга, көңүлүмдү оорууга, досторум өзү барбаганы менен, көңүлүмдү оорутуш максатында душмандарым бетке айтып салат да, мен аны оңдоого аракет кылам.»**

Уулум, чындыгында бул турмушта көп деле дос күтпөдүм. Жоро-жолдоштор көп эле, бирок, алардын көпчүлүгү утурумдук, жан күйгүзөөрү аз, саналуу эле.

-Ага ким күнөөлүү, көп эле дос күтө бербейсизби?–деген суроону бергин келип турат, ага да жооп берейин.

-Достукту ыйык туткандар саналуу. Алар бул дүйнөдү аз болушат окшойт. Ошондонбу, билбейм дос күтө албадым. Кан чыгарып көкүрөк тийгизгени болбоду. Ата-энеден жалгыз калгандай эле, досчулукта да жалгыз калдым.

Эсимде, менин жакын бир санаалашым бар болчу. Аны менен аш-тойдо, ысык-суукта көп эле жолу бирге болдук. Бир ирет экөөбүз сапарга чыктык. Жол узак эле. Узак сапарда кеч кирип бир айылга түнөмөк болуп жай издөөгө түштүк. Тиги сапардашым ушул айылда бир досум бар эле, ошонукуна түшөлү деди, мен макул болдум. Ошентип издеген үйдү таптык. Досу өтүп, анын келинчеги жалгыз экен. өткөнүнө көп болуптур. Жалгыз бой аял бизди тосуп, меймандап жатты. Сөз арасында жолдошунан айрылганын айтып көз жашы кылып алды. Түндүн бир оокумуна чейин олтуруп, анан жатууга камындык. Төшөк салынып мен сырта калдым. Тиги санаалашым менен «аяш» бир үйгө кириშти. Ошентип таңды аттырдык. Эртең менен жалгыз бой аял бизди узаттып жатып, дагын келип туруубузду өтүндү. Жолдо келе жатып менин санаалашым, тиги жалгыз бой аялдын күйөөсү менен өтө ынак дос болуп жүргөндүгүн айтып, түндө анын көңүлүн алганын айтып мактанды.

Ошондон кийин дос жана достук жөнүндөгү ойлорум бүдөмүк тартып, туманга кирген адамдай болуп, алыс жолдун кыйырын да сезбедим.

Достук- ыйык нерсе. Анын тазалыгын сүйүүдөй эле көргөн жакшы болсо керек. Аны кирдетүүгө эч кимдин акысы жок деп эсептейм, уулум.  Достукту улуу тут, эгер дос күтсөң, анын тазалыгын өмүрүңдүн эң акыркы демине чейин сактанын абзел. Ошондо гана сен чыныгы достукту даңазалап урматтаган болосун.

Жаман күмүш жезден артык,
Жаман достон безен артык.
Дос дегенге алдангандан,
Душмандыгын сезген артык.

# ОЙ ЖАНА ОЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

**Терең ой жүрөктүн тереңинен чыгат.**

***ВОВЕНАРГ.***

Ой күлүк. Анын түбү жок. Ой деп эле ар кайсынын башын ойлоно берген болбойт. Түбү жок ойлор менен  көп учурда алтындай убактыңды да уттуруп коюшун мүмкүн. Ошон үчүн айрым учурда тобокелдикке да барган оң. Көзүң жетпей турабы, анда жолуңдан калбай кайт. Бул кылмыш эмес. Менин элден уккан макалым бар, ал «ойчу ойлонгончо, тобокелчи тоо ашыптыр» - дейт.

Бирок, кээде ойлонбой туруп кылган ишиң  онтобос ооруга чалдыктырып коюшу да мүмкүн. Андыктан «жети өлчөп, бир кес» - деген макалды да эсине түй.

# ЭРК ЖАНА  КӨҢҮЛ  ТУУРАЛУУ

***Диогенден;***

**-Сен жашаган дүйнө аңтарылып кетсе эмне кылар элен? – деп сураганда ал;**

**-Дүйнөнүн менден мурда аңтарылып кетерине көзүм жетпейт, - деп жооп бериптир.**

«Адам көңүлү гүл»-деп коюшат. Ар бир инсан адам көңүлү менен эсептешсе гана… Турмушта дайым  эле андай боло бербейт. Ушуга өкүнөм, гүлдү тепселеген наадандарга сөз да жетпейт. Аларга

акыл айтуунун да кереги деле жок. Бирок, мен айткан окуяларды эсине тутуп ал, уулум.

«Бир жолу мага анча тааныш эмес бирөө автобуста келе жатып, - Сени өтө жакшы адам экен деп жүрсө, кып-кызыл акмак турбайсыңбы?- деп калды.

-Эмнеге?- дедим.

-Досумдун, (көрсө бул бейтааныш аялдын досу менин мурдагы аялым экен) сөздөрүн угуп, сени жаман көрүп калдым, билесиңби аны, ал кандай гана ак көңүл, колуна иш келген адам. Адамгерчилиги адамга болгон мамилеси – деп мактап кирди. Анын сөзүн уккан адам, досунун улуу адам экендигинен шек санабайт эле.»

Ичимден ушунчалык аны мактап жаткан аялды аяп турдум. Урушуп кетсем деле болмок, кызуу кандуулугум деле жетмек бирок, анте албадым. Себеби ал, мактаган аял менен мен жашагам да.

Көңүл деген курусун, ал бир ирет «көк ташка» айланса агармак беле. Досунун мага көргөзгөн кордугу көңүлүмдү калтырып «көчөдө баскан ар бир бажамдан» корунуп, куурайдай болгонумду ал кайдан билсин… Денемди калтырак басып, өткөн күндөр көз алдыма тартылып, эркимди бекем кармап, тишиме тишимди коюп угуп келе бердим.

Дагы бир окуя. Айылды ар түрдүү сөз каптап, мени бир аялга жармаштырып коюшту. Эл экен да, бир сөздү миң сөз кылып, жарыма жеткиришиптир. Экөөбүз үйдө ит менен мышыкка окшошуп тытышып жатып калсак болмок, андай болбоду, жай түшүнүштүк. Сөз ырбап, көңүл калтырышууга чейин жеткен жокбуз. Баары жай-жайында эле калды. Чындык менен ушак элдешип алды.

Ошондон кийин көңүл гүл экендигине ынандым. Эгерде ушак сөздү кууп, экөөбүз эзилише урушканыбызда сен жаралбайт элен, эрк деген ушундайда керек тура.

Үй-бүлө күтүүдө, иште, кимдир бирөө менен талаша-тартыша сүйлөшкөндө эрктин бекем болгону артык.

Уулум, бир нерсени байкап жатасыңбы, мен көбүн эсе бул жазгандарыма үй-бүлө маселесине, эки жаш маселесине кайра-кайра кайрылып жатам. Анын сага зыяны тийбейт анткени, турмушта канчалык тыкан, эркин бекем болсо, жашооң ошончолук жыргалдуу болот, өткөн өмүр текке кетпейт. Андыктан ар дайым «жери өлчөп, бир кескен» эле абзел, ар кандай ишти.

Колундан келишинче эч кимдин көңүлүн оорутпа, акырын сүйлөп, жай түшүндүрүүгө аракет кыл. Көрдүңбү Диогендин жообун, бул да сага сабак болсун.

# БАЙЛЫК ЖӨНҮНДӨ

**Бай-барман менен,**
**Кедей дарман менен.**
*Эл макалы.*

Аракеттин арты бүткөн эмес. Ал түгөнбөйт, анын баш-аягы жок. Кандайдыр бир максат койсоң, анын артын көрө билгениң көрөгөчтүк болор.

Айрымдар айтып жүрүшөт, каалоо менен аракет бир эле нерсе деп, жок алар ар башка. Каалоо-жарык шоола, аракет сенден чыккан күч. Аракеттин үзүрүн өз көзүң менен көрөсүң, каалоо менен жетпей калышың мүмкүн.

Уулум, аракет кылуудан мурун каалоо жаралат. Сенин каалооң, сенин аракеттиң. Аракет кылсаң анда сөзсүз натыйжага ээ болосуң. Эгер натыйжасыз болсо, ал жерде каалоо болгон эмес, тек гана катардагылардан калбайын деген жеке аракеттиң экендигине ишен.

Жашоо ак-карадан, өңдүү-өңсүздөн, өмүр-өлүмдөн, суроо-жооптон, кыскасы, баардык нерсе оң-тетириден жаралган. Ошондуктан жеке каалоо, ал дайым ийгиликсиздикти жаратат.

Мына эми байлык деген сөздү чечмелөөчү учур келди.

Байлык десе эле кызылдай акчаны ойлобоо керек. Байлыгың бул алгач ден соолугуң, ата-энең, бир туугандарың, тууган-уругуң үй-бүлөң. Анан дос-жоро жолдошторуң. Сенин канчалык байлыгың бар экендигин айлана-чөйрөңдүн аз-көптүгүнөн байкасаң болот.

Турмушта сен ойлогон акча, мал-мүлк дүйнөсү, ал күнүмдүк турмуштун казаны. Муну менен мен анын такыр кереги жок деп айтуудан алысмын. Ал да керек, бирок канчалык деңгээлде, сөз мына ошол жөнүндө болсун.

Барман турмушту ким каалабайт дейсиң, баарысы ошол үчүн жашап жаткандай туюлат бир караган адамга. Жашоодо баары акчага көз карандыдай. Ошол дүйнө колуңда болуп, ден соолугуң болбосо, анын пайдасы канчалык?

Мындай мисалдардын далайын келтирмекмин, ага кагаздын бети чак келбес.

Ак эмгек менен бир өмүрдү жашап өткөрүүгө болот. Бирок, ашыкча дүйнө-мүлк жыйноо мүмкүн эмес. Бала бакыра багып, кийинтүү, ичирүү, үйлөп, үй куруп, орун-очок алдыруунун өзү машакат.

Минтип суроо узатышың мүмкүн, - Эл анда кантип байып жатат?- деп. Ага мен минтип жооп берер элем.

-Кээ бири азыраак жеп, көп мал-мүлк чогултушса, кээ бири кимдир бирөөнүн акысын жеп байлык топтоду. Дагы бири уурулук менен, кыскасы ашык дүйнө алдамчылык, карөзгөйлүк менен келет. Жан кечтилик кылсаң баюу оңой эле. Бирок, аны баарысы эле жасай бербейт. Кудайдан корккону бар, коркпогону бар.

Чыныгы маңдай тер төгүп байлыкка жеткен адам, эч качан мансапкор болуп көрүнбөйт. Анын байлыгын эл даана билбейт. Көптүн бири катары жашап, керек кезде марттык кыла алат. Мына ошолор чыныгы байлар.

Эгер колуңдан кандайдыр бир иш келип, маңдай тер менен байлыкка жетсең, ошондо байлыктын кадыр-баркын, анын ачуу-таттуусун ачык-айкын билерсиң. Байлыгым бар деп эч качан эл алдында төшүңдү какпа. Бул сенин осолдугуң болуп калат. Эгер колуңда болбосо, кайгырба. Билек түрүнө иштеп ак эмгек жаса. Адал эмгек билинбеген зор байлык. Андан өткөн аруулук, тазалык жок, уулум.

# КАНАТСЫЗ КАРЛЫГАЧТАР

## Драма

**Катышуучулар:**

**ЭНЕНИН АРБАГЫ---**БАКЫТТЫН энеси.
**БАКЫТ -----------------------------**энenin уулу.
**АЙДАР-------------------------------**ичкич адам.
**АСЫЛБҮ------**Жаңы келген тарбиячы.
**ТЕМИР----------------**Башкы тарбиячы.
**ЭСЕН**
**ЭРМЕК**
**ГҮЛАЙ---------------**тарбиялануучулар.
**БЕЙТААНЫШ АЯЛ.**
**КЕЛИН.**

Жетим балдар үйүнүн айланасы. Көрүнүп турган жалгыз түп дарак. Ага катарлаш коюлган жыгач коргон. Коргон түбүндө ойлуу олтурган Бакыт. Ал бүгүн кусалыктан толуп - ташкан түрү бар. Өпкө-өпкөсүнө батпай муңканып олтурат. Эки колу жүзүндө. Дарак түбүндөгү жашыл майсаңга боюн таштап, көмкөрөсүнөн түшүп, өзү менен өзү болуп жаткан чагы.

**БАКЫТ-** (ый аралашкан үнү менен)–Апа, …апа, кайдасың?!... (ый улам күчөй берет.)

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- (Сахнанын экинчи жагынан аппак сурп кийген, эненин арбагы чыгат. Ал Бакытка сезилип, туюлбагандай.) - Агарган ак, көгөргөн көк тунарып, ааламды кезем, аралайт сезим муң карып. Айланып учуп көпөлөк болуп калганча, адамзат кейпин кийгенмин пенде мен дагын. (Токтой калып.) –Апа дедиңби? (Тыңшайт.)

**БАКЫТ**-Уу…у, Апа, апаке.

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Каралдым, бул сенин үнүң. Сенин үнүң. Ооба, жазбай тааныдым. Эмне болду? Айтчы садагам. (Акырын жылып Бакыттын жанына келет. Бакыт дагын деле баш көтөрбөй ыйлоодо.)

**БАКЫТ**- Апа… а, качан келесиң? Уу-у. Сени сагындым. Качан келесиң? Энеңди… десе… у-у.

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Сагындыңбы, каралдым?–Ай, кандай кылайын. Сенин күлкүңдү, басканыңды, сүйлөгүнүңдү, уксам дебечи белем. Колума кирбеген чачтарыңды миң ирет жыттап жытыңа тойбой жүргөнүмдү сезер бекенсиң? Ыйлаба, каралдым, ыйлабачы. Аттанагант-ай, балам, Бакыт…

(Сырттан ырдаган кишинин добушу угулат. Бакыт ордунан тура калып эки жагын карап, көзүнүн жашын аарчыйт. Айдар ырдап кирет.)

**АЙДАР**-Өрүк-өрүк дегенде, (Ыктытып), өрүк, өрүк. Өрттөнөмүн, күйөмүн сени көрүп. Энеңди десе, эмнесине өрттөнөмүн десең. (Ыктытып) И-и, (Бакытты көрүп калып) апей - ээ, эмне турасың? Жок, айтчы неге турасың? (Бакыт эми көргөнсүп ордунан турат) Бери кел, басаң. Коркпо, атаңдын гөрү - десе. Коркпо. (Бакыт жакын келет, Айдар колунан кармап алып) - Атың ким?

**БАКЫТ**-Бакыт.

**АЙДАР**- Бакыт, сен билесиңби? Мындай ыр бар го (ойлоно калып) – Аттадыңбы ак үйдүн босогосун. Жок – жок, ананайын-ананайын, Аттадыңбы (ыктытып) ак үйдүн босогосун. Эй, улабайсыңбы ар жагын. Бол. (Айдар Бакытка тике карайт) Апей, ыйлап алгансыңбы? Эмне болду? Бирөө урдубу?

**БАКЫТ**- (башын чайкайт).

**АЙДАР**- Ким урду сени, айтсаң? өлтүрүп коем, азыр. Энеңди десе…жүрчү ошого.

**БАКЫТ**-(Тартынчыктайт).

**АЙДАР**-Кимдин баласың?

**БАКЫТ**- (Үнсүз башын жерге салып, улам көз жашын аарчып мурдун тартат).

**АЙДАР**- Келчи, бери. Отур. (Экөө жерге олтурушат.) Атаң жокпу? Апаңчы?...

**БАКЫТ**- Билбейм.

**АЙДАР**- (Оор үшкүрүнүп алып) Түшүнүктүү. (Соолуга түшкөндөй түрү бар.) Значить, сен бул жерден турбайсыңбы? (Жетим балдар үйүн көрсөтүп. Айдар төш, жамбаш чөнтөктөрүн издеп, тамекисин алып чыгат. Колуна оролошуп чыккан төрт-беш момпойсунду Бакытка сунат.)- Ме, закускадан калганы. Же, жей бер. Тартынбай эле кой. (Тамекисин тутантып жатып) - Эч нерсе эмес, балакай, эч нерсе эмес. Мен деле жетим өскөм. Ата-энемди тээ жашымда эле жеп коюптурмун. Жүрөм го. (Өзүн көрсөтүп) өлбөсөң, сен деле эртең адам болуп каласың. Анан эле ыйлаган күндөрүң эстен чыгат. Ыйлаба, иним, ыйлаба. (Музыканын ыргагы менен, Бакыттын башын сылап алдына тартат. Үнү угулбай кандайдыр бир узун окуяга түшүп алгансып, кээде Бакыттын башын, кээде өзүнүн көз жашын сыгып көпкө олтурушат. Бакыт тигинин алдынан туруп, аны сооротууга аракет кылгандай жышаан байкалат. Бир кезде экөө тең башын жерге салып, тунжуроо пайда болот. Сырттан кирген Эненин арбагын тигилер сезип-туйбагандай.)

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**-Олдо, кургурлар-ай, экөөңдүн тагдырың башкадай туюлган менен түпкүлүгү бир экендигин силерге кантип гана түшүндүрө алар экем. (Тунжурай калып.) Жерден – суудан айрылган күн курусун. Ит көрбөгөн кордукка чыдайт экен да адам баласы, чиркин. Өлбөсө эле жүрө берет турбайбы… Айла кеткенде айтылган сөз да.

Башка түшкөндү тирүүлөр гана көтөрөт. Жүрөгүм жарылып, көзүмө кан төгүлгөнүн силер билбестирсиңер. Жел менен желип, кайра айланып айланчыктап келгенимди туйбасаңар кандай кылайын? Үнүмдүн силерге жетпегенине кайыл болуп, күндө миң ирет ушул сөздөрүмдү кайталап айта бергенимди кимиң сезип, туйдуң экен.

Жарыктык дүйнө, адамдардын кийген кийиминен, ичкен тамагынан гана турбайт. О, тирүүлөр сынтакканга гана кыйынсыңар, жокчулуктагы, токчулуктагы адамгерчиликтин айрымасы силер үчүн эки башка экендигин кантип айтып түшүндүрө алам. Адамгерчилик ыйман дейсиңер. Ыйманыңар кана, ыйманыңар ушулбу? Менин колумдагы сегиз айлык баламды, адам катары көрбөй зөөкүрлөр зордуктап, муунтуп жатканда кимиңер келип адамгерчилик кылдыңар? Кимиңер, кана айткылачы?

Акыркы аманат жаным калганда да, абийиримди акчага, ыйманыңарды дүйнөгө алмаштырдыңар го. А түгүл баламдын атасы да адамгерчилик кылган жок. Эгер адамгерчилиги, ыйманы болгондо балам бүгүн минтип жүрөк сыздап ыйлабайт болчу. Закускага алган момпосуйду сурап, тиги итчкичтин алдындагы мээримге зар болбойт болчу… (Башын жерге салып элге таарынган жүз менен акырын чыгып кетет.)

**АЙДАР**- Ушуларды ойлонсом өлгүм келет. (Жашын аарчып).

**БАКЫТ**- Өлүм жаман го.

**АЙДАР**- Өлүм жыргал. Билбейсиң да. Өлүм деген тынчтылык. Эч кимге оордугуң тийбейт. өлдүңбү болду. Көөмп коюшат, жата бересиң.

**БАКЫТ**- Өлбөң абаке, өлбөң. Өлбөй эле коюңузчу?

**АЙДАР**- Мага мине. Бары - жогум бирдей. Эч кимге деле керегим жок. өлсөм, ыйлап жоктоорум болбогондон кийин, жашоонун деле кызыгы калбай калат тура. (Тамекисинен алып тутантат).

**БАКЫТ**- Өлбөйсүз –ээ, абаке…

(Сырттан Эсен, Эрмек киришет.)

**ЭРМЕК**- Сени издеп жүрсөк быякта белең?

**ЭСЕН**- Эжеке чакырып жатат. Жүр.

**ЭРМЕК**- Омей-ээй, тиги мас менен өбүшүп жатат белең?

**БАКЫТ**-Келжиребечи.

**ЭСЕН**- Бол эми. (Шаштырат.) –Эжей күтүп калды.

**БАКЫТ**- Жакшы калың, абаке.

Айдар башын ийкеп үнсүз кол булгалайт. Балдар чыгып кетишет. Айдар башын мыкчый кармап ойго чөмүлөт.)

**АЙДАР**- Мен акмакмын. Мен итмин. Эч кимге керексиз дөдөймүн. (Пауза.) Мындан артык кайда барам. Таштанды күчүктөн бетер…(Ойлуу).

(Сырттан эненин арбагы кирет.)

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Сөз сурайынбы?

**АЙДАР**- (Олтурган калыбында)- Сура. (Пауза)

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Ушинтип ичип жүргөнүңдү айтам да.

**АЙДАР**- Эстетпечи, өзүм эле ичип кетиптирминби?

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Деги айтам да. (Пауза.) -Качан балалуу болосуң? Жашың да кыйлага келип калды. (Айдар ордунан тура калып, элеңдеп эки жагын карайт. Корккондой түрү бар.)

**АЙДАР**- Астапырлла, астапырлла. Бул сөз дайым жаңырат. Кулагыма сиңип калгансып. Энеңди … (Туруп, акырын сырка артын жалт-жалт карап чыгып кетет.)

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Адамдык абийириңерди унутуп калдыңар. Сага, сен өңдөнгөн ичкичтерден тойдум. Бала бакканга, үй-бүлө күткөнгө табылбаган акча аракка табылат. Боорукерликке, бир туугандыкка табылбаган акча аракка табылат. Тукумуңарды да аракка саткыла, абийир, адамгерчилик, ыйманыңарды, дилиңерди, тилиңерди бир ирет сатып көргөнсүңөр, эми калганын да саткыла. Ошентип өлүктөр өлкөсүнө айланабыз. Баарын саткыла. (Эненин элеси көшөгөнүн аркы четине барып, залды сыдыра тиктеп көздөн кайып болот. Экинчи тараптан Темир, Асылбүлөр киришет.)

**АСЫЛБҮ**- Ушулардын тентектигин айтың, биринен-бири өтүп…

**ТЕМИР**- (Столго олтуруп жатып)- Бала да Асыл, бала да. Бала деген ушундай шок болот.

**АСЫЛБҮ**- Ушул биздин кыргыздар кызык эле эл. Он, он бештен төрөп… Ошолорду кантип багышат болду экен, үйүн ызы-чууга толтуруп?

**ТЕМИР**- Ар ким өз ырыскысы менен төрөлөт. Ага кейип не кыласың. (Сырттан Эсен, Эрмек, Бакыт киришет.)

**ЭСЕН**- Темир агай, Бакыт тигил жерде бир мас менен өбүшүп жатыптыр.

**ЭРМЕК**- Карасаңыз, колунда момосуй да бар.

**ЭСЕН**- Экөө ичишкенби, ким билсин ?

**БАКЫТ**- Болду деп жатам. Азыр бирди көрөсүңөр.

**ЭСЕН**- Тигини, дагы коркутуп коет.

ЭРМЕК- өзүң, коркуп калып жүрбө.

**ТЕМИР**- Болду, болду, кичинекей корозчолор. Андан көрө мени уккула.

**АСЫЛБҮ**- (Бакытты өзүнө тартып)-Дагы уруштуңарбы?

**БАКЫТ**- (Башын жерге салып)- Жок…

**ТЕМИР**- Гүлай кайда жүрөт? Эрмек чакырчы. (Эрмек жүгүрүп чакырып кетет.)

**ЭРМЕК**- Гүлай, ээ, Гүлай.

**ТЕМИР**- Ким менен уруштуң, келчи бери?

**БАКЫТ**- Эч ким менен.

**ЭСЕН**- Агай, Бакытты биз эми эле көрдүк. Жанатан бери таппай жүрдүк. Балким, жанагыл мас урган чыгар.

**БАКЫТ**- Ал урган жок.

**ТЕМИР**- Эмне болду анан?

**БАКЫТ**- өзүм эле.

**ТЕМИР**- Чоңойгон бала да ыйлачу беле.

**БАКЫТ**- Ыйлаган жокмун.

**АСЫЛБҮ**- Көзүң шишип турбайбы?

**ТЕМИР**- Мейли. Андан көрү, челекти алып суу ташыгыла да, бочканы толтуруп койгула. (Сырттан Эрмек, Гүлай киришет.) Эсен, Эрмек экөөң короону шыбыргыла. Бакыт, Гүлай суу ташыгыла. Адатыңарча ойноп жүрүп албагыла, Эсен. (Эсен, Эрмек, Бакыт, Гүлай болуп сыртка чыгышат, Эрмек, Эсен стол, стулдарды алып киришет да, сахнаны кабинеттик бөлмөгө айландырышат.)

**ЭСЕН**- Тез эле болобуз агай.

**ТЕМИР**- өзүм көзөмөлдөйм го.

**АСЫЛБҮ**- Ушул Бакыт эле көп ыйлайт. Башкасы…

**ТЕМИР**- Бакыт кыйла эстүү. Акылы да тетик. Көрөсүң го андан биз сыймыктанаар жигит чыгат.

**АСЫЛБҮ**-Койсоңуз, дайым эле ошенте бересиз да.

**ТЕМИР**- Ээ, карындашым. «Адам аласы ичинде». Кээде адамдар бала деп баланы баласынта беребиз. Кеп ошолордон чыгат. «Бирөөгө кор, бирөөгө зар» деген ушул. Бакыттын апасын зөөкүрлөр өлтүрүп коюп, бизге тогуз айлыгында келген. Атасы кийин үйлөнүп, бала көргөндөн кийин буга бут баспады. Ошондон бери анын үйү, мекени ата-энеси биз болуп калдык. Ошентсе да улам чоңойгон сайын эс тартып, кээде эч кимге көрүнбөй ыйлап жүргөнүн да байкайм. Колумдан эмне келет эле. Баары бир ата-эненин мээрими, жытты бир башкача болот да.

**АСЫЛБҮ**- Эсенчи?

**ТЕМИР**- Эсенби, (Ойлуу) –Эсен ата-энелүү жетим. Гүлай да ошондой. Алардын атасы да, энеси да бар. Эсенди төрт жашында таштап кеткен апасы. Атасы ичет, карабайт, башкага үйлөнүп алган деп. Гүлайды атасы алып келген, аялым ойнош таап алыптыр, анын тарбиясын көрсө эмне болот, жаңы алган аялым «өгөйлүк» кылат экен, ушул жерде тура турсун кийин алып кетем деген. Балээниби, кийин келмек тургай жүзүн да көрсөткөн жок. Мына алты жылдын жүзү болду, азыр анын да бирин билбейт кызы. Баары ушул жерде төрөлгөнсүп…

**АСЫЛБҮ**- Эрмекчи? Ал дагы таштандыбы?

**ТЕМИР**- Андай дебей жүр, карындашым. «Таштандыга таш тийбейт»-деген ушул. Эми сен экөөбүз буларга ата-энебиз. Мындай сөздү кийин-соң айтпай жүр.

**АСЫЛБҮ**- Оозумдан чыгып кетти.

**ТЕМИР**- Чыгара көрбө. Тил азабы жаман, мертенип каласың.

**АСЫЛБҮ**- Кечириң агай.

**ТЕМИР**- Сен менен мен, буларга бирдейбиз. Алардын атасы да, энеси да бизбиз. Ооба, Эрмек төрөтканадан келген. Атын өзүм койгом, бизге эрмек болуп жүрсүн деп. Энеси кыз бала болчу, атасы ким экендигин ким билсин, айткан эмес. Ошондон бери ал дагы ушул жердин кулуну, биздин балабыз карындашым. (Сырттан элтеңдеген Эсен кирет.)

**ЭСЕН**- Эжеке, бирөө келди.

**АСЫЛБҮ**- Ким экен?

**ЭСЕН**- Билбейм.

**ТЕМИР**- Карачы Асыл. Иши болсо бул жакка келсин.

(Асылбү сыртка чыгып, кайра кирет).

**АСЫЛБҮ**- Сиз менен сүйлөшсөм дейт.

**ТЕМИР**- Келсин. (Асылбү сыртка чыгып бейтааныш аялды алып кирет.)

**АСЫЛБҮ**- Кириң, Кире бериң.

**ТЕМИР**-Келиңиз, келиңиз сиз белеңиз?

**БЕЙТААНЫШ АЯЛ**- Келдим, айланайын келдим.

**ТЕМИР**- Коош, кандай иш менен. (Асылбү тиги аялга олтургуч тартат.)

**БЕЙТААНЫШ АЯЛ**- (Олтуруп жатып)-Мен өткөндө силерден бала алып кеткен элем. Күйөөмдүн тилине кирип кып-кызыл болгон экенмин. Бала эмей эле балээ болду. Кийинтип-ичинтип, бөбөлөсөк деле боор бербей, бөтөнсүп турганы турган.

**ТЕМИР**- Биз ошондо эле айтпадык беле…

**БЕЙТААНЫШ АЯЛ**- (Сөз бердей) –Айткан-айтпаганыңар-ды билбеймин, айланайын. Эмнеси болсо ошонусу болсун, кайра алгыла. Мындан ары бага албайбыз. Өзүм тууп согончогум канабагандан кийин, бирөөнүн баласы бала болуп бермек беле, алгыла.

**АСЫЛБҮ**- Ала келдиңизби?

**БЕЙТААНЫШ АЯЛ**- Алып келип берем. Үйдө күндө жаңжал, күндө чуу, жадап да бүттүм. (Ордунан туруп жөнөмөкчү болот.)

**ТЕМИР**- Эже…

**БЕЙТААНЫШ АЯЛ**- Мени антип-минтип сооротом деп убара болбой эле койгула, баарына тойдум. Ушинтип бала бакканча, кара башымды багып калайын. Бул тирик жетимдериң адам эмес эле, кып-кызыл жубармек болот турбайбы?

**ТЕМИР**- Биз деле багып жүрбөйбүзбү?

**БЕЙТААНЫШ АЯЛ**- Бага бергиле. Силерге эле бердим, бакканды. Кудай урган бу жетимдериңди кийинтип, ичинтип койсоң, кайра тигинтип керкейип, сөзүңүз өтүп кетти, алып келген жериңизге кайра алып барып коюң, силерге караганда ал жер артык деп айтканда, «күйбөгөн жериң, күл болот» экен. Жетимкана буларга биздин үйдөн да артык, жакшы экен. Э-э, ушундай балдардан «барынан жогу, ачынан тогу». Алып келип берем. (Ордунан туруп жөнөй турган болуп обдулат.) Бу куу тумшуктарың, адам көргөндөй эмес. Келгенимде жабалактап тим эле энесин көргөн козудай болуп маарашкан. Тукум-курут болуп кеткирлер…

(Бейтааныш аял сыртка чыгып кетет. Темир менен Асылбү аң-таң болуп тигинин артынан басат. Алардын соңудан ээрчий, Эрмек, Гүлай, Бакыт киришет да, орундукту четке жылдырышып, биринчи көрүнүшкө айландырышат. Колундагы челек, шыбыргыларды бир жерге топтошот.)

**ЭРМЕК**- Бүттүк. Ура. Биз биринчи болуп бүттүк.

**БАКЫТ**- Азыр биз деле бүтөбүз, туурабы Гүлай.

**ГҮЛАЙ**- Төрттөн челек ташысак бүтөт.

**ЭСЕН**- Жүр, Эрмек биз ойноп турабыз. Булар бүткөнчө.

**ЭРМЕК**- Кеттик, футбол тебебиз. (Эсен, Эрмек чыгып кетишет. Гүлай суу алып келүүгө жөнөйт. Бакыт ордунан туруп, кайра олтуруп калат).

**БАКЫТ**- Гүлай биз бир аз эс алып алалычы?

**ГҮЛАЙ**- Чарчадыңбы?

**БАКЫТ**- Чарчаган деле жокмун. Бир аз олтургум келди. Кел, сен дагы бир аз эс алып ал. Анан экөөлөп ташып коебуз, аз эле калды го.

**ГҮЛАЙ**- (Артына кайтып келип, Бакыттын жанына олтурат.)- Бакыт, жана эмнеге ыйладың?

**БАКЫТ**- Ыйлаган деле жокмун.

**ГҮЛАЙ**-Жашырбай эле айта берсең. Үйүңдү сагындыңбы?

**БАКЫТ**- Жок, апамды сагындым.

**ГҮЛАЙ**- Мен дагы апамды сагындым. (Пауза.)

(Ак сурп оронгон эненин арбагы пайда болот.)

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Тур уулум. (Бакыт ордунан турат) -Билем, эртедир-кечтир куса болуп жүрөсүң. Сагынгандан саргайып да кеттиң. Тагдыр ушундай болгон соң, өзүңө-өзүң кайрат бер. Эстүү болуп өс. Ыйдан сага пайда болбойт, уулум.

**БАКЫТ**- Апа, апаке.  Сени, атамды сагындым. (Колу өйдө көтөрүлүп, арбакты ээрчийт.) Апаке, апа.

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Жарыктык дүйнө менен коштошконум менен, сени менен биргемин, уулум. Тирүүлүк деген ушул тура.

**БАКЫТ**- Апа, апаке чыдабай калдым. Кусалык ушундай таш боор экенин эми гана сездим. Тирүүлүк ушундай болсо кереги жок. Жашагым келбейт, апа. Кереги жок…

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Чыда уулум. «Ыйдын күлкүсү, күлкүнүн ыйы» да болот. Сен турган тарап жарык, мен турган тарап караңгы, уулум.

**БАКЫТ**- Макул апа, эмнеси болсо да сени менен бирге болгондон артык нерсе барбы?

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**-Шүк. Антчү эмес, кесирлик кылган болбойт,  уулум.

**БАКЫТ**- (Үнсүз.)

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Эмнеге унчукпай калдың?

**БАКЫТ**- Чыдоонун да чеги бар да, апа. Ачкачылыкка, жокчулукка, баарына чыдап келем. Эненин мээримине, атанын кумарына кудуретим жетпей барат, кантейин апа?

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Кудайдан улук эч нерсе жок, балам. Пендеге ошон үчүн баарын жүктөгөн да.

**БАКЫТ**- Мейли, сени го кудай кылды дейин. А атамдычы? Ал болсо өлүү болуп көрдө жок, тирүү болуп… Атамды эстегенде?...

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Олдо, куу тумшугум-ай, атаңды деле унута элексиңби?

**БАКЫТ**- Кантип унутайын, апа.

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Туура кыласың, уулум. Ал канткен күндө да сенин атаң да, жарык  дүйнөдү жашаган пенде да. Адам жаман-жакшысы менен пенде болуп, туулуп, өлүп турат.

Мен өлгөндө  кичине күйүткө  түшкөн эле, кийин арак жеңди көрүнөт. Сени ушул жерге алып келип таштаганы,  мени да өкүндүрөт, кантейин…

Тирүүмдө сыйлап сөзүмдү анда-санда болсо да укчу, өлүктүн жүзү нары деген ушул да уулум, түшүндө аян бергениме карабай, сенден алыстап жүрөт. Келип калса аны деле ая, уулум. Жаманбы-жакшыбы ал сенин атаң. Башка бирөө сага жакшы атасын бербейт. Ошонун канынан бүткөнүң жалган эмес да.

**БАКЫТ**- Атамды кечире албайм го, апа.

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Жаңыласың уулум. Кечир атаңды.

**БАКЫТ**- Жок, жок, Кечире албайм апа. (Пауза.) - Апа. Апа-а…(Бакыт башын кучактап, кайра баягы олтурган калыбына келет. «Апа» деген үндөн улам, Гүлай Бакытка жалт карайт.)

**ГҮЛАЙ**- Бакыт сага эмне болду?

**БАКЫТ**- (өзүнө-өзү түшүнө албай, Гүлайды тиктейт.) –Эч нерсе.

**ГҮЛАЙ**- Апа-деп кыйкырбадыңбы.

**БАКЫТ**- (Таңданып)- Кыйкырдымбы, кыялымда… (Уялыңкы жер карайт.)

**ГҮЛАЙ**- Бакыт, ооруп калгансың го, өткөндө да бир жолу ушинтип кыйкырганыңды уккам.

**БАКЫТ**- Жүрү, андан көрө сууну ташып коелу. (Челекти көтөрүп жөнөйт.)

**ГҮЛАЙ**- Токтосоң, Бакыт. Чоңойгондо балалуу болгуң келеби?

**БАКЫТ**- Кызыксың, ким эле балалуу болгусу келбесин.

**ГҮЛАЙ**- Мен кийин балалуу болсом, (ыңгайсызданып) – билесиңби, баламды бул жерге алып келбейм.

**БАКЫТ**- (Ойлоно калып) –Мен дагы. (Бутунун учу менен жерди акырын тепкилейт.)

**ГҮЛАЙ**- Жүр, сууну ташып бүтө коелу, тигилер күтүп калышкан чыгар.

**БАКЫТ**- Жүр. (Экөө кол кармашкан боюнча жүгүрүп чыгып кетишет.)

К Ө Ш Ө Г Ө.

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Баягы эле көрүнүш. Сахна күүгүмдөнүп барып, жарыкка бөлөнөт. Жазуу столунда кагаздарды тактап жүргөн Асылбү. Кыңылдап ырдап алган. Көңүлү көтөрүңкү. Сырттан Темир кирет.

**ТЕМИР**- Бүгүн көңүлүң ачык да.

**АСЫЛБҮ**- Туулган күнүм. Куттуктап койсоңуз да болот.

**ТЕМИР**- Куттуктабай анан, кана колуңду бер. Канчага чыктың?

**АСЫЛБҮ**-Аял затты жашын айтышпайт бирок, кыйлага барып калдык.

**ТЕМИР**-Мейли жашыңа жаш кошулсун. Ар дайым бүгүнкүдөй жаркылдап жүр бер. Андай болсо бир аз сөз салышып олтурсак кантет, Күнгө да дем алыш, анан калса сенин да туулган күнүң экен?

**АСЫЛБҮ**- Ырас эле бир аз кобурашып олтурганга не жетсин. Мындай келиңиз, чай алып келе калайын. Даяр эле. (Сыртка чыгып чайнек, пиялла, дасторкон көтөрүп кирет. Экөө дасторкон жайып, анын үстүндө жай сөзгө өтүшөт.)

**ТЕМИР**- И-и, сүйлөй олтур. Деги өзүң жөнүндө келгенден бери сөз кылабы десем, үн катпайсың. Тиги-буудан укканча өзүң сүйлөп бергениң оң беле дейм да.

**АСЫЛБҮ**- (Кыйлага чейин үн катпай, анан сөзүн баштады.)

-Эмнеден сөз баштаарымды да билбейм. Балалык, жаш курагым Медер менен өттү. Гүлгүндөй чагым тура. Чынын айтканда ал менден мыкты болчу. Сөзгө, ишке март эле. Ага караганда мен бир аз мажирөө чыктым. Он жылга бирге жашадык. Сен менге да өтпөдүк. өткөн күндүн эсеби жок деген ырас тура, күндөр өтө бериптир, суулар ага бериптир. Жылдардын өткөнүн да туйбапбыз. Балалуу болбодук. Байкушум айта алган жок, -балалуу болот элем-деп. Ойлоп көрөм ал да, мен да жүрө берипбиз. Анан өзүм айттым.

**ТЕМИР**- Койчу, кантип эле?

**АСЫЛБҮ**- Кызыксыз. Бышкан дарбыз жарылат да акыры. Ары кетип, бери кетип акыры ынанды. Ошентип ажыраштык. Мына андан бери беш жыл өттү. Байкушум анда-санда келип калчу. Акыры такыр келбе дедим. Келген сайын жүрөк жарасы сыйрыла берип бүтпөөчүдөй көрүндү. Акыркы күндөрү келтирбей койгом.

**ТЕМИР**- Балалуу болдубу, анан?

**АСЫЛБҮ**- Үч баласы бар.

**ТЕМИР**- Ырас эле кылган экенсиң, анда.

**АСЫЛБҮ**- Тагдырды тандап албайт деген чын окшойт. (Ойлоно калып)-Ар дайым ушул короону аттап киргенде жүрөгүм «зырп» - дей түшүп, эзилип кетчү болду. Мурда анча деле сезчү эмесмин..

**ТЕМИР**- Каап, десеңчи. (Сырттан энтиккен Эрмек, Гүлай киришет.)

**ГҮЛАЙ**,

**ЭРМЕК**-Эсен менен Бакыт урушуп жатышат.

**ТЕМИР**- Ээси жок акмактар десе. Азыр… (Темир балдар менен сыртка жөнөйт. Асылбү дасторконду жыйнап бүтүп, столго өбөктөй олтурат.)

**АСЫЛБҮ**- Булактын тунук суусундай болгон наристелерди жетим кылгандар, силердин абийириңер жок. Бет-паксыңар. Жүзүңөр курусун. өзүңөрдүн каныңардан бүткөн баланы кордогон көркоосуңар.

Кудай силерге окшогондорго бергинче, баланы мага берсе болбойт беле? Бала-деп дүйнө кезип жүргөнүмдү сезбеген Кудайга да тилим тийчү болду. Оо, Кудай неге мендейлерге кулак салып, арыз-муңуң укпайсың. Эт менен челдин ортосунда жүргөндөр менен, эптеп эркек аталып, аял болгон адамдарга берериңди берип эле жүрөсүң го. Менин алардан кемчилигим кайсы?

Эми ушинтип өмүр бою жалгыз өтөмбү? Кечээ күйөөмдөн, эртең тууган-туушкандардан, дос-жардан ажырасам, менин жаныма жөлөк болор, медер болор ким бар. Ушинтип эми бул дүйнөдө баласыз өмүр кеземби?

О, тагдыр жалгыздыктан сакта, уруксуздуктан сакта. Сактай көр Кудай. Мен да эл катары балалуу болгум келет. Кудайым менин да сөзүмдү ук…

(Пауза. Сырттан Гүлай кирет.)

**ГҮЛАЙ**- Эжеке, сизди агай чакырып жатат.

**АСЫЛБҮ**-(Көзүнүн жашын аарчып)-Азыр. (Туруп жөнөйт. Ага удаа короолордун башын кармап, мас Айдар кирет.)

**АЙДАР**- Алда качан сүйүү сиңген каныма,
Бүткүл денем алоолонот жалынга.
Кайдасың сен мен алыста деп жүрсөм,
Балким жүрбө кадам жерде, жанымда.

Тапкан жокмун уяндыктын пайдасын,
Кантем эми махабаттын айласын.
Кана унчук, издегеним жооп бер,
Кандай кызсың, кай жерликсиң, кайдасың?... Айтчы, кай жерликсиң кайдасың? Ээ, баары бир таппайм, чынбы?...

Энеңди десе жалгыз болсом болгондурмун. Кана аталаштарым мага эмне кылып койду. Кимиси келип акыбалымды сурады. Тф-у...

(Короонун четин кармап, кулап түшөт. Ордунан турууга канча аракет кылган менен тура албаган соң, койнундагы жарым бөтөлкө

арагы менен гезитке оролгон закускасын алып чыгып, чөнтөгүндөгү стакандан арак куюп ичип, олтурган жеринде уктайт.

Сахнанын четинен бала көтөргөн келин көрүнөт. Ыйлап алган баласынын ыйы жүрөк эзет. Уктап жаткан Айдарды көрбөйт.)

**КЕЛИН**-Каралдым, кечир мени, кечире көр. Атаң эл караган жүзүмдү, жер каратпаганда өзүм эле багып алат элем. Кантейин, тагдыр салса. Кош, кагылайын кулунум. Сени кимдин, кандай адамдын эшигине таштап кетип баратканымды, өзүм да билбейм. Кандай болгон күндө да адам бол. Жүзүңдү бул жарыкчылыкта дагы бир жолу көрөр бекем? Убалың атаңа жетсин?

Күйөөсүз төрөлгөн баланы колго алуу төркүндүн милдети эле, анын кадырына ким жетет дейсиң. Ар –намыс деген андан улуу турат. Куру чирен намыскөйлүгүбүз дагын деле кала элек, уулум, кош. Кош, каралдым, кош.

(Баланы жерге коюп, сахнанын бурчуна жеткенде баланын ыйлаганы угулат, келин кайра келет.)

О, адамдар, айланайындар, ушул баламды кор кылбай асырап алгыла. Адамгерчилик үчүн, соопкерчилик үчүн багып алгыла. Атасыз баладан эки дүйнө доом жок, эртедир-кечтир келип талашат деп ойлобогула. Өлбөсө, силердин балаңар болсун, энеликтен кечтим.

Атасынын алсыздыгына, өзүмдүн ишенчектигиме өмүр бою наалат айтам. Кыз абийиримди ушул баланын атасынын алдында төгүп чачып, ишендим. Бирок, ал менден өткөн наадан, ыймансыз экен, кандай кылайын. Кагылайын эл, кечир мени, кечир кулунум.

Менин бул үнүмдү караңгылыкта эч ким укпас, ай ааламга үнүмдү жеткир шамал, жеткир бардык эл уксун. Жеткир…

(Келин Баланы короонун түбүнө коюп, артына кылчак-кылчак карап, ороодо жаткан баласын кайра-кайра өпкүлөп, түн жамынган карааңгылыкка сүңгүп кирип көрүнбөй калат. Баланын ыйлоосу күчөйт. Уктап жаткан Айдар ойгонуп, башын көтөрөт. Ыйлап жаткан бала тарапка карап, ордунан козголот.)

**АЙДАР**- Ии, бала ыйлайбы? Мен каердемин? Тфу, энеңди… (Аракты көрүп сүйүнүп кетет. Аны стаканга куюп ичерде, баланын ый дагы угулат. Стаканды жерге коюп, Айдар бала жакка жөрмөлөп жөнөйт.) – Эй бала ыйлап жатат. (Ордунан туруп, баланы колуна алат.) – Эй кимдин баласы? Балаң ыйлап жатат. (Баланын бетинен өөп, үнүн акырын чыгарат.) –Эй кимдин баласы ыйлап жатат. (Чөргөктөлгөн баланын бетин кайра ачып. Аны өөп-жыттап, бооруна кысат. Чөргөк чечилип кетип андан бир барак кат түшөт. Ага карабаган Айдар мас абалынан соолуга түшүп, баланы алып кетмекчи болуп, эки жагын карана) – Бул менин балам. Ооба, менин балам. Уулдуу болдум. Муну

эч кимге бербейм, бул менин балам… (Сырттан Темир, Асылбү, Гүлай, Бакыт, Эрмек, Эсендер киришет. Тигилерди көргөн Айдар)– Жакындабыгыла. (Айдар кетенчиктейт. Тигилер токтоп калышат, бирин-бири карашып)- Бул менин балам. Жакындабагыла... Бул менин канымдан жаралган бала. Эч кимдин акысы жок, мен таап алдым, менин балам…

Мен да балалуу болгум келет, адам болгум келет. Жакындабагыла-деп жатам. (Айдар жал-жал карап, арты менен чыгып кетет. Пауза. Темирлер сахнанын ортосуна келип токтошот.)

**БАКЫТ**-Темир агай, сиз кейибей эле коюңузчу. Ал өтө жакшы адам. Балдары токтобой баласыз экен, наристе ошондо калсынчы, агай. Эч кимге билдирбей эле коюңузчу, макулбу агай. (Бакыт чөгөлөй калат.) Тиги байке, баланын атасы болсунчу, анын да жашоого, бала сүйүүгө акысы бар го. Агай, бала ошондо эле калсынчы? (Асылбү жерде жаткан каты алып окуй баштайт.) –Ал өткөндө…

**ЭРМЕК**-(Бакыттын сөзүн бөлө) -Ии, момпойсун берип койсо эле жакшы адам боло береби, сага. Ал ичкич.

**БАКЫТ**- Мен анысын айткан жокмун. (Асылбү катты Темирге берет. Темир ага көз жүгүртө ойго чөмүлөт. Асылбү жүзүн бет арчуу менен сүртөт. Пауза.) –Эжеке жашыбаңызчы, мен сизди, Темир агайды канчалык жакшы көрөм билесизби? Ошентсе деле атам менен апам оюмдан кетпейт. Аларды дайым күтөм, сагынам. Мен чоңойгондо таш боор, алдамчы болбойм. Көрөсүз го эжеке, сиз дагы балалуу болуп бактылуу турмуш кечиресиз. Мен эч качан бирөөнү алдабайм.

**ТЕМИР**- Сенин тилегиңден айлансың агайың. Ошондой болуп өс. Макул,  биз үчүн бул ымыркайдын тагдыры белгисиз адамдын колуна тийди дейли. Бирок, ошол бизге белгисиз адамдын жүзү, боорукерлиги, адамгерчилиги, Бакыттын таза жүрөгүндөй болсо болду. Баланын жүрөгүндөй таза жүрөк эч кайсыл жерде жок. Баланын жүрөгүн алдоого болбойт, андыктан биз бул наристени жанагы кишиден талашпайбыз. Ал ошонун баласы боюнча калсын. Бала да болсо Бакыттын чечими чечим.

**АСЫЛБҮ**- Тилегиңден секет кетейин, бала боздоп, эне сыздабасын. Атанын жүрөгү айрылбасын. Өгөйлөрдүн да өзгөчөлөрү бар, алардын мээримдүүлөрү канча дейсиң? Мындайларга дүйнө жарды эмес.

Бала таштанды аталып, энелер наадан, аталар арсыз болушпасын. Баланын тилеги орундалат дейт, тилегиңе жет ылайым. (Бакыттын жүзүнөн сүйөт. Арыдан Эненин арбагы келет. Бакыттан башкасы чыгып кетишет.)

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Уулум бир ичкичти аядың-ээ.

**БАКЫТ**- Апаке адам кийингени, ичингени менен эле адам эмес дебедиң беле?

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Ооба, айтканым ырас бирок, тигиниң Сенин ак тилегиңди актай алар бекен? Сынган бутакка окшогон асылым.

**БАКЫТ**- Актайт апаке, мен ага ишенем. Сынган бутактар жан алып, канатсыз карлыгачтар көккө көтөрүлөт. Чырпык чынар болот, апакебайым.

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Балам, адамдардын баарына эле ишенгенге болбойт. Адамдар сыртынан акылдуу көрүнгөн менен алар зөөкүр, кара өзгөй, кези келгенде айбандан да жаман.

**БАКЫТ**- Апаке, мен да адамын го.

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Уулум, мен деле сага окшогон адам болгом. Алар мени өлтүрөп жатканда гана айбан, жексур экенине ынандым. Адамдардагы эки жүздүүлүк, кара өзгөйлүк, ыйман качканда жаралат экен. Ошон үчүн ыйманыңды эч качан жебей жүр, уулум. (Эненин арбагы каалгып уча баштайт.)

**БАКЫТ**- Апаке, дагын келесиңби? (Шамалдын нугуна карап) – Апаке, апа-ке…

**ЭНЕНИН АРБАГЫ**- Келем уулум, келем. Аман бол. Сынган бутакка окшогон чырпыктарым, канаттыңар айыгып, көккө сермелип учканыңарды көргүм келет. Кош болгула.

**БАКЫТ**- Апаке, апа-ке, адам болгум келет. Адам…(Эки колун көккө созуп, сахнанын ортосуна чөгөлөй олтуруп калат.).

КӨШӨГӨ.

*1999-жыл. Сентябрь.*

## Мазмуну

Жүрөктөгү элестер………………………………………….……………… 3
Тагдыр элеги…………………………………………………….……………….. 4
Сүйүү түбөлүктүү……………………………………………………………. 41
Уулума кат……………………………………………………………………… 45
Тууган – урук жөнүндө……………………………………………………… 46
Тууган жер жөнүндө……………………………………………………….. 47
Аял жана аялдар жөнүндө…………………..…………………….. 49
Кызганчаактык жөнүндө
Өз сөзүнүн туткуну…………………..……………………………. 53
Сыр жана ишеним тууралуу
Бир сырдуу бол…………………………………………………………… 54

Жакшылык жана наадандык тууралуу…………………………. 56
Дос жана достук жөнүдө……………………………………… 57
Ой жана ойлоо жөнүндө…………………………………… 58
Эрк жана көңүл тууралуу…………………………………….. 59
Байлык жөнү…………………………………………………. 60
Канатсыз карлыгачтар……………………………………… 62
Экинчи бөлүм………………………………………………… 71

**Сабыралы АБДУКАРИМОВ**

**ЖҮРӨКТӨГҮ ЭЛЕСТЕР**

Повесть, аңгеме, драма
На кыргызском языке
Жаштар үчүн

БАСМАКАНА

Редактору: **Курсан Пахыров**
Тех.редактору: **Тургунбек кызы Самара**
Корректору: **Шамшидин кызы Жазгүл**

Терүүгө берилди 07. 07. 2012. Басууга 08.08.2012.
Кагаздын форматы 84х60. 4,75 б.т. Буйрутма №64.Нускасы 500.
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 236.